# 2023

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ



# МАЗМУНУ:

**КИРИШҮҮ** ........ 3

**2023-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН МААЛЫМАТЫ** ........ 4

1. Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылууларга кыскача сереп ........ 5
2. Конституциялык соттун 2023-жылы кабыл алган чечимдерине сереп ........ 6
3. Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышына сереп ........ 42

**ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК** ........ 51

Конституциялык соттун эл аралык уюмдардагы мүчөлүгү ........ 51

Конституциялык соттун судьяларынын жана аппаратынын кызматкерлеринин катышуусундагы эл аралык иш-чаралар ........ 52

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТТУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК БААЛУУЛУКТАРДЫ АЛГА ИЛГЕРИЛЕТҮҮСҮ** ........ 61

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган иш-чаралар ........ 61

Коомчулук менен өз ара аракеттенүү ........ 67

Конституциялык соттун судьяларынын жерине баруу менен өткөргөн лекциялары ........ 67

Ачык эшиктер күнү ........ 69

Конституционализм борборлору ........ 70

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТТУН АППАРАТЫ** ........ 71

Конституциялык соттун аппаратынын потенциалын жогорулатуу ........ 72

Расмий сайт ........ 76

Конституциялык соттун Жарчысы ........ 76

Конституциялык соттун ишиндеги жаңылыктар (санариптештирүү, жаңы технологияларды киргизүү ж.б.) ........ 77

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жыл сайын өзүнүн иши жөнүндө маалыматты түзөт жана мамлекеттик органдардын ачыктыгынын жана алардын өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун конституциялык принцибине таянуу менен аны салт болуп калгандай кеңири коомчулукка сунуштайт.

Укуктук жана демократиялык мамлекетте мамлекеттик институттардын ишиндеги ачыктык алардын жана жарандардын ортосундагы ишенимге жетишүүнүн маанилүү элементи гана болбостон, ошондой эле бийлик органдарынын өздөрүнүн натыйжалуу иштөөсүнүн каражаты болуп саналат.

Сот бийлигин билдирген конституциялык көзөмөл органы өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде 2013-жылдан тартып өткөн жыл үчүн өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө бардык маалыматтарды камтыган Жылдык докладдарды түзөт, аны расмий сайтында жарыялайт.

Бул басылмада бардык окурмандардын назарына Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жыл үчүн кезектеги Жылдык доклады сунушталат, анда көрсөтүлгөн жыл ичиндеги соттун аткарган иштери жөнүндө бардык маалыматтар топтолгон.

Белгилей кетсек, Конституциялык соттун 2023-жылдагы иши конституциялык сот адилеттигин ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу жагынан да, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган иш-чараларды өткөрүү жагынан да абдан көп болду.

Белгилүү болгондой конституциялык көзөмөл органы Баш Мыйзамдын «сактоочусу», «коргоочусу» болуп саналат, анын чечимдеринде камтылган, бардык жарандар, юридикалык жактар жана мамлекеттик органдар үчүн милдеттүү күчкө ээ болгон конституциялык ченемдерди чечмелөө аркылуу анын баалуулуктарын коомго жайылтат. Андыктан Конституциялык соттун 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгынын урматына өткөрүлгөн бардык массалык иш-чаралардын демилгечиси болгондугу да символикалуу.

Жылдык докладда 2023-жылы келип түшкөн кайрылуулар жөнүндө бардык маалыматтар, Конституциялык соттун 2023-жылдагы чечимдеринин кыскача сереби жана Сот тарабынан формулировкаланган маанилүү укуктук позициялар, Соттун чечимдеринин аткарылышына сереп, ошондой эле Конституциянын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына арналган иш-чаралар жана конституциялык контролдоо органынын башка ишмердиги жөнүндө маалыматтар камтылган.

# 2023-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН МААЛЫМАТЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (мындан ары – Конституциялык сот) конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (мындан ары – Конституция) үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуу менен өзүнүн чечимдеринде конституциялык баалуулуктардын, жоболордун, принциптердин жана укуктук башаттардын маанисин жана мазмунун ыраатту ачып берет.

Конституциялык контролдоо органы тарабынан каралган укук маселелери теориялык да, практикалык да жактан татаал маселелерди камтыйт, алар жыйындысында конституциялык маанилүү баалуулуктардын тең салмактуулугун камсыз кылуу үчүн көп кырдуу, ар тараптуу жана объективдүү баа берүүнү Конституциялык соттон талап кылат.

Натыйжалуу конституциялык контролдоо жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин мазмунуна жана Конституцияда белгиленген кепилдиктерди берүүгө чакырылган мамлекеттик органдардын ишине түздөн-түз таасир этүүчү жаңы илимий доктриналарды, укуктун өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен укуктук баа берүүнүн заманбап ыкмаларын жана инструменттерин колдонууну болжойт.

Ушуга байланыштуу Конституциялык соттун ар бир чечими Конституциянын ченемдерин чечмелөөнү жана мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актылардын Баш мыйзамга ылайык келүү предметине укуктук баа берүүнү гана эмес, ошондой эле укуктук жөнгө салуунун, укук колдонуунун мүчүлүштүктөрүн аныктаган укуктук позициялардын бүтүндөй спектрин, ошондой эле аларды четтетүү үчүн багыттарды камтыйт.

Конституциялык контролдоо органынын чечимдерин, айрыкча соттор жана башка укук колдонуучу органдар тарабынан өз убагында жана ыраатту аткаруусу өтө маанилүү, анткени алардын ишинде Конституциялык соттун укуктук позицияларында жана чечимдеринде такталган Конституциянын ченемдеринин маңызы жана мааниси түздөн-түз көрүнөт.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгы белгиленди. Конституциялык сот ар бир адамдын жана жарандын жашоо-турмушунда конституциялык принциптердин жана ченемдердин маанилүүлүгүнө бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын жана жарандардын кеңири чөйрөсүнүн көңүлүн буруууга багытталган бул окуяга арналган иш-чаралардын комплексин уюштуруучулардын бири болду.

Конституциялык сот тарабынан сунушталган 2023-жылдагы конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндөгү ар жылдык маалымат

жарандардын укуктук маданиятын, конституциялык сот өндүрүшү, өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө алардын кабардар болуусун жогорулатуу максатында келип түшкөн кайрылууларга, аларды кароонун жыйынтыктарына, кабыл алынган чечимдердин аткарылышына жана конституциялык контролдоо органынын ишмердигинин башка аспектилерине талдоону камтыйт.

Бул Маалымат укук маселелери боюнча ченем жаратуучу жана укук колдонуучу органдар үчүн багыт катары кызмат кылат.

## 1. Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылууларга кыскача сереп

2023-жылы Конституциялык сотко 168 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинен 93 гана кайрылуу түздөн-түз ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүүгө, Конституцияны расмий чечмелөөгө жана Конституцияга өзгөртүүлөрдүн долбооруна корутунду берүүгө байланыштуу маселелерге тиешелүү болгон. Кайрылуулардын жалпы санынын 88% – жарандардын, 5% – мамлекеттик органдардын кайрылуулары, 5% – юридикалык жактардын кайрылуулары жана 2% – соттордун кайрылуулары түздү. Ошол эле учурда 29 кайрылуу боюнча (31%) судьялар коллегиясынын өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө аныктамасы кабыл алынган, 64 (69%) кайрылуу боюнча өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздеринин бири алардын формасы жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарына ылайык келбегендиги болгон (42 учур). 9 кайрылуу боюнча судьялар коллегиясы кайрылууда көрсөтүлгөн маселелердин конституциялуулугу мурда конституциялык контролдоо органы тарабынан текшерилгендигине жана анын өзүнүн күчүн сактаган актылары болгондугуна байланыштуу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган; 4 кайрылуу боюнча анда коюлган маселелердин Конституциялык сотко караштуу эместигине байланыштуу баш тартылган; 3 кайрылуу боюнча – кайрылуу талаптагыдай эмес субъекттен келип түшкөн; 3 кайрылуу боюнча – кайрылууда конституциялуулугу талашылып жаткан акт жокко чыгарылгандыгынын же күчүн жоготкондугунун себебинен улам; 3 кайрылуу боюнча – кайталап кайрылууда талашылып жаткан ченемдик укуктук актыга тиешелүү жаңы аргументтер жана жүйөлөр келтирилген эмес.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде келип түшкөн кайрылууларда көбүнчө Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстин (19 кайрылуу), Жарандык процесстик кодекстин (8 кайрылуу), Административдик-процесстик кодекстин (7 кайрылуу) жана Кылмыш-жаза кодексинин (7 кайрылуу) ар кандай ченемдери талашылган.

Отчеттук мезгилде Конституциялык сот тарабынан 20 чечим, ошондой эле Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасына даттануулар боюнча кабыл алынган 14 токтом, иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө 6 аныктама кабыл алынган.

Конституциялык сот кабыл алган 20 чечимдин ичинен 15 (60%) талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келет же жарым-жартылай карама-каршы келет деп табылган же болбосо соттун чечиминен укуктук жөнгө салуудагы кенемтелерди четтетүү зарылдыгы келип чыккан. 5 иш боюнча (25%) талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды конституциялык жоболорго карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө чечимдер кабыл алынган. Ошол эле учурда, бир чечим Баш мыйзамдын ченемин чечмелөө, бир иш – Конституциялык сот тарабынан кабыл алынган чечимди кайра карап чыгуу менен байланыштуу болгон.

Судьялар коллегияларынын аныктамаларын кайра кароо боюнча Конституциялык соттун кабыл алынган 14 токтомунун 6 сында арызданууучулардын даттануулары канааттандырылган жана алардын кайрылуулары өндүрүшкө кабыл алынган.

Каралып жаткан мезгилде Конституциялык соттун аныктамалары менен талашылып жаткан ченемдерди күчүн жоготту деп тапкан ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышына байланыштуу 5 иш боюнча өндүрүш токтотулган. Бир иш боюнча гана өндүрүш субъект тарабынан кайрылууну кайра чакыртып алгандыгына байланыштуу токтотулган.

## 2. Конституциялык соттун 2023-жылы кабыл алган чечимдерине сереп

**2.1. Конституциялык соттун 2023-жылдын 18-январындагы Чечиминде** сот Жарандык процесстик кодекстин 216-беренесинин 7-пунктун Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

Жарандык процесстик кодекстин (мындан ары – ЖПК) 216-беренесинин 7-пункту соттун иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө маселени, анын ичинде ишти чечүүдө колдонулган же колдонула турган мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылууну конституциялык контролдоо органынын өзүнүн кароосуна кабыл алганы жөнүндө кабарламасын алган учурда өз кароосу боюнча чечүү укугун белгилеген. Кайрылуу субъекттеринин пикири боюнча, мындай укуктук жөнгө салуу конституциялык жоболорго, анын ичинде сот тарабынан Конституцияга карама-каршы келген же алардын конституциялуулугунда күмөн жараткан ченемдик укуктук актыларды колдонбоо жөнүндөгү талапка карама-каршы келет.

*Бул Чечимде сот төмөнкү укуктук позицияларын билдирген.*

Конституциялык сот адилеттиги сот бийлигинин тутумунда өзгөчө ролду ойнойт, анын милдети Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу болуп саналат. Ал мыйзам жоболорун текшерүүдө тиешелүү ченемдик жоболордун конституциялык-укуктук маанисин аныктоо аркылуу алардын колдонулушун корректирлөө жүргүзүү менен укуктук системага таасир этет, ошондой эле ченем жаратуу жана укук колдонуу процессинде Конституциянын жоболорун түшүнүүдөгү аныксыздык маселелерин чечет, укуктук мейкиндиктин биримдигин түзөт жана өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылат.

Өз кезегинде, өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулукка байланыштуу кырдаал баарыдан мурда соттук укук колдонуунун сапаты менен аныкталат. Конституциялык эмес ченемдик укуктук актыларды колдонуу конституциялык укук тартибин гана бузбастан, конституциялык укуктардын жана эркиндиктердин бүтүндөй жыйындысынын жашоого жөндөмдүүлүгүн камтыган адилет сотко болгон укуктан ар бир адамды ажыратат. Дал ошондуктан конституциялык мыйзамдуулук режимин сактоо үчүн соттук укук колдонуунун жүрүшүндө конституциялык талаптарды толугу менен сактоо, анын ичинде Конституциялык соттун укуктук позицияларын так сактоо, ошондой эле анын укук колдонуучуга кайрылган чечимдеринде камтылган башка орнотмолорду аткаруу биринчи кезектеги мааниге ээ.

Судья сот адилеттиги сыяктуу мамлекеттик өтө маанилүү функцияны аткаруу менен өзүнүн ишин тездик менен өнүгүп жаткан коомдук мамилелердин фонунда мыйзамдардын топтомунун динамикалуу өзгөргөн шартында жүзөгө ашырат. Мыйзамдардын мындай өнүгүшү укук колдонуу процессинде ар кандай коллизияларды жана олуттуу кыйынчылыктарды объективдүү түрдө жаратат.

Судьянын мыйзамдын конституциялуулугуна карата кандай болбосун күмөн саноосу Конституциялык сотко кайрылуу үчүн негиз болуп саналат. Мында, конституциялык контролдоо органы бул маселе боюнча чечим чыгарганга чейин Баш Мыйзамдын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык судья бул мыйзамды конкреттүү иште колдонууга укуксуз. Демек, бул учурда иш боюнча өндүрүш милдеттүү түрдө токтотулууга тийиш.

Бирок соттор тарабынан мыйзамдын конституциялуулугуна өз алдынча баа берүү жана аны конкреттүү иште Конституциялык сотко кайрылбастан колдонуу мүмкүндүгүнө жол берилбейт, анткени бул конституциялык ченемдерди ар кыл чечмелөөгө жана соттук карама-каршылыктуу тажрыйбанын калыптанышына алып келиши мүмкүн, бул, албетте, Конституция менен корголуучу баалуулуктарга жана орнотмолорго, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине терс таасирин тийгизет.

Ошентип, иш боюнча өндүрүштү милдеттүү түрдө токтотуу Конституциянын 102-беренесинин түздөн-түз контекстинен гана келип чыкпастан, ошондой эле Конституциянын бардык деңгээлдеги мыйзамдардан үстөмдүгү, анын түздөн-түз колдонулушу, судьянын, оболу Конституцияга баш ийүүсү принцибине негизделген (6-берененин 1, 2-бөлүктөрү, 95-берененин 1-бөлүгү).

Конституциялык сот бул маселе боюнча Конституциялык сот чечим чыгарганга чейин мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу жөнүндө маселени жалпы юрисдикциядагы соттун алдын ала чечүүсүнө мүмкүндүк берүүнүн жол берилбестиги жөнүндө өзгөчө белгилейт.

Ушуга байланыштуу, соттун иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө маселени, анын ичинде ишти чечүүдө колдонулган же колдонула турган мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылууну конституциялык контролдоо органынын өзүнүн кароосуна кабыл алганы жөнүндө кабарламасын алган учурда өз ыктыяры боюнча чечүү укугун

белгилеген талашылып жаткан ченем (ЖПКнын 216-беренесинин 7-пункту) укуктук жөнгө салууда ашыкча звено болуп саналат жана укуктук системадан Конституциянын 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 95-беренесинин 1-бөлүгүнө, 97-беренесинин 3-бөлүгүнө, 102-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жолу менен алынып салынууга жатат.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 7-апрелиндеги №03/318 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.2. **Конституциялык соттун 2023-жылдын 25-январындагы Чечими менен** келтирилген моралдык зыян үчүн акчалай компенсацияны белгилөө маселелерин жөнгө салган Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 71-беренесинин 2-бөлүгүнүн «эсептешүү көрсөткүчүнүн 50 эседен 1000 эсеге чейинки өлчөмүндө» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

Мында соттун Чечиминде Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 40-беренесинин 10-бөлүгүнүн талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте адистештирилген фонддун эсебинен моралдык залалдын ордун учурлары үчүн гана анын ордун толтуруунун чектерин мыйзам менен белгилөөгө жол берилет деп белгиленген.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкү укуктук позициялар берилген.*

Мамлекет кылмыштуулукту болтурбоо боюнча чараларды көрүүгө тийиш, бирок адамдын табиятынан келип чыккандай, алардын бири да ар бир адамдын абсолюттук коопсуздугун кепилдөөгө жөндөмдүү эмес. Ушуга байланыштуу мамлекет ар бир кылмыш жөнүндө иштин сотто адилеттүү каралышын, күнөөлүүлөр үчүн жазанын сөзсүз болушун, ошондой эле жабырлануучулардын бузулган укуктарын калыбына келтирүүнү, анын ичинде ага келтирилген материалдык зыянды жана моралдык залалды өз убагында компенсациялоону камсыздоо үчүн жооптуу.

Демек, кылмыш менен жабырлануучуга келтирилген моралдык залалды шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолгондун эсебинен толтуруу мүмкүн болбогон учурда, өлкөдө мыйзамдуулук режимин камсыз кылуу боюнча мамлекеттин функциясынан моралдык залалды компенсациялоо боюнча анын милдети келип чыгат. Бирок бул маселени бюджеттик каржылоо менен гана чечүү мүмкүн эмес жана ал мамлекеттин өнүгүүсүнүн тигил же бул этабындагы каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз көз каранды.

Ошентип, моралдык залалды Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте адистештирилген фонддун эсебинен компенсациялоо жөнүндө гана сөз болгондо талашылып жаткан ченемде белгиленген моралдык залалдын ордун толтуруунун чектери жол берилүүчү жана өлчөмдөш болуп саналат, мында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, ошондой эле конституциялык жоболорду бузууга алып келүүчү катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда жазык ишинин алкагында моралдык залалды өндүрүүнүн бардык учурларында, белгиленген чектерди колдонуу жол берилгис.

Кылмыш-жаза мыйзамдарынын жазык жоопкерчилигинин сөзсүз болушу жөнүндөгү принцибине ылайык кылмыштуу жосун жасаган адамга жаза гана эмес, ошондой эле кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары да колдонулат.

Ушуга байланыштуу, моралдык залалды компенсациялоо жазык мыйзамдары менен белгиленүүчү жазанын негизги түрүн алып салбаган, жарандык-укуктук жоопкерчиликтин кошумча түрүн орнотуу болуп санала тургандыгын эске алуу керек. Мында моралдык залалдын ордун жабырлануучуга адекваттуу толтуруп берүү – бул социалдык адилеттүүлүктү да калыбына келтирүү маселесин чечет.

Моралдык залалдын компенсациясынын чегин киргизүү менен талашылып жаткан ченемдин редакциясы иштин бардык жагдайларын жана келтирилген залалдын оордугун эсепке албастан, кылмыштан жапа чеккен адамдардын дене боюнун жана адеп-ахлактык азап чегүүлөрүнө баа берүүнүн так параметрлерин белгилейт.

Мындан тышкары, судьялардын көз карандысыздык принциби иштин жагдайларын баалоодо алардын өз ынанымына болгон ажырагыс укугун болжойт жана моралдык залалдын акчалай компенсациясынын өлчөмдөштүгү жөнүндө маселе, албетте, соттун дискрециясына таандык болушу керек.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу тарабынан моралдык залалдын ордун толтуруунун чегин талашылып жаткан ченемге киргизүү Конституциянын 23-беренесинин 2, 4-бөлүктөрү менен белгиленген конституциялык маанилүү максаттарга киргизилип жаткан чектөөлөрдүн өлчөмдөштүгүнүн конституциялык талаптарына жооп бербейт, жана жасалган кылмыш менен келтирилген моралдык залалды адекваттуу компенсациялоо аркылуу ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун толук ишке ашырууга мүмкүндүк бербейт.

Ушуга байланыштуу Чечим менен Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеси каралган.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 7-апрелиндеги №03/317 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.3**. Конституциялык соттун 2023-жылдын 1-мартындагы Чечиминде** сот Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 403-беренесинин 4-бөлүгүн өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же андан баш тартуу жөнүндө судьянын токтомун карап чыгуунун жыйынтыгында чыгарылган апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамасын кассациялык тартипте кайра кароого тоскоолдук жараткан даражада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 58-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тапкан.

Белгиленген ченемге ылайык өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же андан баш тартуу жөнүндө судьянын, соттун токтому апелляциялык инстанциядагы сотко даттанылышы мүмкүн, ал токтомду жокко чыгарууга жана берилген даттанууларды жана талаптарды маңызы боюнча кароого же КЖПКнын 417-беренесинде каралган талаптарды

аткаруу үчүн аларды даттанылып жаткан сот актысын чыгарган сотко кайтарып берүүгө укуктуу.

Талашылып жаткан ченемге ылайык өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же андан баш тартуу жөнүндө судьянын, соттун токтому апелляциялык сотко даттанылышы мүмкүн, ал токтомду жокко чыгарууга жана берилген даттанууларды жана сунуштарды маңызы боюнча кароого же аларды КЖПКнын 417-беренесинде каралган талаптарды аткаруу үчүн даттанылып жаткан соттук актыны чыгарган сотко кайтарууга укуктуу экендигине көңүл бурат

Ошол эле учурда сот өзүнүн Чечиминде мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же андан баш тартуу жөнүндө судьянын токтомун кассациялык тартипте кароонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамасын кайра кароо КЖПКнын XII бөлүмүнө ылайык өз алдынча жүргүзүлүүгө тийиш деп белгиледи.

*Бул Чечимде сот төмөнкүдөй укуктук позицияларын белгиледи.*

Кассациялык өндүрүш институту соттук каталарды оңдоонун таасирлүү механизмдеринин бири болуу менен адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун маанилүү кепилдиги, ал эми алар төмөн турган соттор тарабынан бузулган учурда аларды калыбына келтирүүнүн негизги ыкмасы деп белгилеген.

Мында кассациялык соттук инстанциянын башкы милдети материалдык жана процесстик укуктун ченемдеринин колдонулушунун тууралыгын текшерүү жана ал аркылуу адилеттүүлүктүн жана мыйзамдуулуктун конституциялык принциптерине жооп берүүчү бирдиктүү укук колдонуучулук тажрыйбаны белгилөө болуп саналат.

Өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же баш тартуу жөнүндө соттун токтомун кайра кароонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциянын аныктамасы да материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерине негизделет, демек, аларды туура колдонуу менен байланышкан көйгөйлөрдүн болушу толук мүмкүн. Ал эми бул сот актысынын бөгөт коюучу мүнөзүн эске алуу менен, адам өз ишин каратуу мүмкүнчүлүгүнөн биротоло ажырап калышы мүмкүн болгон учурда, каралып жаткан аныктама Жогорку соттун соттук контролдоо чөйрөсүнөн алынып салынышы мүмкүн эмес.

Конституциялык сот өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү арызын канааттандыруу же баш тартуу жөнүндө судьянын токтомун кассациялык тартипте талашуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе жазык-процесстик мыйзамдарда каралууга тийиш деп эсептейт.

Жарандык жана административдик иштер боюнча кассациялык инстанция тарабынан ушул сыяктуу соттук актыларын кароого ар бир адамдын укугу тиешелүү процесстик кодекстерде (Жарандык-процесстик жана Административдик-процесстик кодекстерде) бекитилгендигине өзгөчө көңүл буруу керек.

КЖПКнын 51-главасында өтүп кеткен мөөнөттөрдү калыбына келтирүү маселелери боюнча чыгарылган сот актыларына кассациялык тартипте

даттануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу адилеттүүлүктүн критерийлерине жооп берген сот адилеттиги аркылуу укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүүнүн универсалдуу талабына шайкеш келбейт, соттолгон адамдын өз ишин мыйзамда белгиленген тартипте жогору турган сотто каратуу укугун кемитет жана чектейт.

Кыргыз тили мамлекеттик тил болуп саналат. Мамлекеттик тилдеги текст расмий тилдеги текст менен дал келбеген учурда мамлекеттик тилдеги текст түп нуска болуп эсептелет.

Талашылып жаткан ченем анын мамлекеттик жана расмий тилдердеги тексттеринин ортосундагы аутенттүүлүк менен ички шайкештик талаптарына жооп бербейт.”.

Баяндалганга байланыштуу Министрлер Кабинетине КЖПКга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелөө сунушталат.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 16-майындагы №03/482 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.4. **Конституциялык сот 2023-жылдын 29-мартындагы Чечими менен** Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) соттуулук жана аны жоюу маселелерин жөнгө салган 95-беренесин Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан; соттолгондорду жазадан бошотуунун, анын ичинде соттуулукту мөөнөтүнөн мурда алып салуунун тартибин караган «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясына «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамынын 7-беренесинин 17-бөлүгү күчүн жоготту деген таануу бөлүгүндө карама-каршы келет деп тапкан.

Ошентип, бул Чечимге ылайык 1997-жылдан 2017-жылга чейин жаза мөөнөтүн өтөгөн адамдардын жазасын өтөгөндөн кийин кынтыксыз жүрүм-туруму болгон учурда соттуулугун мөөнөтүнөн мурда алып салуу боюнча сотко кайрылуу укугу пайда болот.

Мындан тышкары Чечим менен өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун бир күнү эркиндигинен ажыратуунун бир күнү катары эсептелген Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгү Конституциянын 56-беренесинин 2, 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп табылган.

Конституциялык сот Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесин ушул Чечимге ылайык келтиргенге чейин, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин

камакта кармоонун бир күнү эркиндигинен ажыратуунун эки күн эсебинде эсепке алынууга тийиш экендигин көрсөткөн.

Ошондой эле Чечим менен Министрлер Кабинетине тиешелүү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү жүктөлгөн.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар берилген.*

Мыйзам чыгаруучу жазык репрессияны күчөтүү, эркиндигинен ажыратуу мөөнөтүн көбөйтүү, аны өтөө шарттарынын негизсиз катаалдыгы ыкмаларынан баш тартууга чакырып, калыбына келтирүү сот адилеттигине басым жасоо менен пробация институтун киргизүүнү сунуштады.

Социалдык-укуктук институт катары бул чөйрөнүн жазык-укуктук өзгөчөлүктөрү кылмыштарды болтурбас үчүн гана эмес, ошондой эле калыбына келтирүү (жабырлануучунун абалын калыбына келтирүү) жана мыйзамдарда күнөөлүүлөрдү кайра социалдаштыруу (адам менен коомдун ортосундагы позитивдүү байланыштарды калыбына келтирүү) сыяктуу жазалоо функцияларын киргизүүгө түрткү берет.

Ушуну эске алуу менен мыйзам чыгаруучу пробациянын милдеттери болуп соттолгондорду коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жазык-укуктук жазаларды аткаруу, ошондой эле жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу жана кызыктыруучу чаралары, шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулгандарды көзөмөлдөө, шарттуу соттолгондун жүрүм-турумун изилдөө жана оңдоо, укук бузуулардын алдын алуу, жабырлануучулар менен жарашууга көмөк көрсөтүү болуп санала тургандыгын белгиледи.

Пробациянын зарыл шарттарын аткаруу эки укуктук натыйжага алып келет: биринчиден, укук бузуучу жасаган кылмышы үчүн кандайдыр бир жазадан толук бошотулат, экинчиден, соттуулугу сакталбайт, анын ичинде соттолгондугуна байланыштуу кандайдыр бир мыйзамдык чектөөлөр сакталбайт.

Кабыл алынган багыттаманы көңүлгө алуу менен мыйзам чыгаруучу кылмыштын кайталанышын да жокко чыгарган. Бул сотторго ар бир кылмышка баа берип, мурунку кылмыштарды эске албай, ошого жараша жазалоого мүмкүндүк берет. Бул ыкма реабилитациялоо жана алдын алуу максаттарына жооп берген эң адилет жана тең салмактуу болуп эсептелет.

Муну менен катар жазык мыйзамдарынын ченемдерине соттуулугунун мөөнөтү бүткөнгө чейин сот тарабынан мөөнөтүнөн мурда алып салуу бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилди.

Соттуулукту мөөнөтүнөн мурда алып салуу мүмкүнчүлүгүнүн маанилүү шарты жазаны өтөгөндөн кийин адамдын кынтыксыз жүрүм-туруму болгон.

Бул маселе ар дайым иштин анык жагдайларына жараша жекече чечилип келген. Бирок, соттолгон адам кынтыксыз жүрүм-турумун өзү аныктап, аны оңдоо маселесин өзү чечкен, ал эми сот бул адамдын соттуулугун алып салуу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко берилген документтер боюнча адамдын оңдолгондугу фактысын гана ырастап келгенин белгилеп кетүү зарыл.

Мындай кырдаалда сот үчүн адамдын түзөтүүдөн кийинки мезгилдеги жүрүм-турумунун кынтыксыздыгы жөнүндө маселени объективдүү түшүнүү,

анын жүрүм-турумуна соттуулугун мөөнөтүнөн мурда алып салууга мүмкүндүк берүүчү адилеттүү баа берүү иш жүзүндө мүмкүн эмес болчу, демек, соттуулукту алуунун мындай формасы ар кандай укук колдонуучулук тажрыйбаны өнүктүрүп, объективдүү сот адилеттигин ишке ашыруу жана сот алдында бардык соттолгондордун теңдигин камсыз кылуу принцибине каршы келген.

Конституциялык сот соттуулукту алып салуу укугу, ошондой эле аны жокко чыгаруу соттук коргоого укуктун процесстик кепилдиги болуп эсептелет, бирок анын негизги же пайдубал мазмунуна кирбей турганын белгилейт. Бул соттуулукту мөөнөтү бүтө электе жоюу мүмкүнчүлүгү укуктук система тарабынан берилген жеңилдик болгон, бирок кепилденген негизги укук эмес дегенди билдирет.

Кылмыш-жаза мыйзамдары чөйрөсүндөгү ушул саясатты, ошондой эле сот адилеттигинин жана соттолгон адамдын мыйзамсыз кызыкчылыгын колдоону жокко чыгаруу принцибин жетекчиликке алып, мыйзам чыгаруучу соттуулукту мөөнөтү аяктаганга чейин мөөнөтүнөн мурда алып салуу мүмкүнчүлүгүн жойгон, муну Конституцияда кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузуу катары кароого болбойт.

Ошол эле учурда жазык-укуктук саясатка жаңы ыкмаларды киргизүүдө жоопкерчиликтүү жана комплекстүү мамилени колдонуу өтө маанилүү экендигин эске алуу керек, ал козголгон көрүнүштөрдүн бүткүл спектрин, ошондой эле коом үчүн да, мамлекет үчүн да мүмкүн болуучу кесепеттерди эске алат. Так чараларды көрүү карама-каршылыктарды алдын алууга жана практикалык маселелерди чечүүгө жардам берет.

Ушуга байланыштуу мурдагы укуктук мамилелерден жаңысына ийкем, эффективдүү өтүү үчүн аралык мыйзамды колдонуу талап кылынат, аны менен мыйзамды колдонууда жана чечмелөөдө так айкындуулук жана аныктык камсыз кылынууга тийиш.

Мамлекет 2017 жана 2021-жылдардагы жаңы редакцияларда жазык кодекстерин кабыл алууда ушул багытты кармануун чечкен.

Алсак, аралык мыйзамдарда жаңы кодекстер күчүнө киргенге чейин жасалган кылмыштарга карата жазык мыйзамдарынын колдонуу чөйрөсүн аныктаган ретроактивдүү жоболор каралган.

Аралык мыйзамдар укук коргоо, кылмыштарды иликтөө жана куугунтуктоо менен байланышкан жол-жоболор жана процесстер боюнча конкреттүү көрсөтмөлөрдү бериши керек, ошондой эле укуктук системанын ырааттуулугун, алдын-ала божомолдонушун жана натыйжалуулугун жеңилдетип, коомдун укуктук талаптарга болгон ишенимин арттырууга тийиш.

Алсак, 2017-жылдын редакциясындагы кылмыш-жаза кодекстерин кабыл алуу мезгилинде 2017-жылдын 24-январындагы №10 аралык мыйзамда соттуулукту жокко чыгаруу жана алып салууга тиешелүү 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинде жазылган жоболор 2017-жылдагы КЖК күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарга карата колдонулушу белгиленген, буга ушул адамдар жасаган кылмыштуу жосундун укуктук кесепеттерин жеңилдеткен учурлар кирбейт.

Бирок, 2021-жылдагы Кылмыш-жаза кодекстери күчүнө киргенден кийин, жогоруда аталган ченемдердин колдонулушу 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 аралык мыйзамы менен жокко чыгарылган.

Ошентип, убакыттык аралыкта күчүн артка карай колдонуу жөнүндө ченемди алып салуу укук колдонуу практикасында белгисиздикти жана күмөн саноолорду пайда кылды, бул сот процессинде калыстыктын алсыздашына, сот адилеттигинин негизги принциптеринин сакталбашына, ошондой эле укук ченемдерин туюндурмаларынын айкындуулук жана тактык талаптарынан четтөөгө алып келди.

Ушуга байланыштуу талашылып жаткан ченем арыз берүүчүнүн конституциялык укуктарын бузуу катары каралат, анткени Конституциянын жоболоруна негизделген юридикалык теңдик принциби мыйзамды бир түрдүү чечмелөөнү камсыз кылуу үчүн колдонуудагы укуктук системада укуктук ченемдер так, айкын, бир мааниде жана ырааттуу болушун талап кылат.

Бул критерийлерди сактабоо укук колдонуунун ырааатсыздыгына, түшүнүксүздүккө, укуктук ченемдерди өзүм билемдик менен колдонууга же айрым адамдарга карата укукту таануудан баш тартууга алып келет, адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарууну тыюу салууга жана анын соттук коргоого мамлекеттик коргоонун конституциялык кепилдиктерин бузат.

Эгерде мамлекет кылмыш-жаза мыйзамдарын гумандаштыруу жолуна түшсө, анда ал бул саясатты укук бузуулардын бардык түрлөрүнө, алардын кесепеттерине жана социалдык статусуна карабастан адамдарга карата ырааттуу колдонууга тийиш. Негизги максат ар бир индивидге урмат-сый менен мамиле кылуу, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жана жазык сот адилеттиги системасы катаал жаза эмес, реабилитациялоону жана жумшак чараларды көрүүнү камсыз кылуу болушу керек.

Укуктук жөнгө салуунун колдонуудагы системасында камакка алуу шектүүнүн, айыпталуучунун коомдон обочолонуу менен чектелген мейкиндикте мажбурлап жүрүүсүнө, кызматтык же башка эмгектик милдеттерин аткаруусун токтотууга, адамдардын белгисиз чөйрөсү менен баарлашуусуна жана эркин жүрүүсүнө мүмкүн эместигине байланыштуу. Бул адамдын дене бой эркиндигине жана жеке кол тийбестигине болгон негизги укуктарына, анын ичинде бул укуктар ишке ашырылган шарттарда ал укуктарга түздөн-түз кол салуу болуп саналат. Ушундан улам бул бөгөт коюу чарасын колдонууда чектөө укуктун фундаменталдуу мүнөзүн өзгөртпөөгө тийиш жана инсандын укуктары менен башка адамдардын, мамлекеттин жана коомдун мыйзамдуу таламдарынын ортосундагы тең салмактуулукта акылга сыярлык негиздүүлүккө ээ болууга тийиш.

Мамлекеттик таасирдин мындай чарасы мамлекеттик бийликтик ыйгарым укуктарды олуттуу пайдаланууну билдирет, адамды сыздатып, коркутуп, социалдык уят жана башка ашыкча таасир этиши мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек, сот бул адамды күнөөлүү деп тапканга чейин аны жазалоонун адилетсиз жана мөөнөтүнөн эрте түрү катары кабыл алынышы мүмкүн. Демек, бул кабылдоо жазаны эсептөө институтунун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Алсак, жаңы Кылмыш-жаза кодексинин күчүнө кириши менен өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоо убактысы тууралуу жобо өзгөртүлдү. 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодекси камакта кармоонун бир күнүн эркиндигинен ажыратуунун эки күнү катары эсептөөгө жол берген жобосуна каршы, азыркы редакцияда камакта кармоонун бир күнү Кылмыш-жаза кодексинин 80-берененин 5-пунктунда көрсөтүлгөндөй, эркиндигинен ажыратуунун бир күнүнө барабар болот.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары кылмыш жасаган деп шектелгендерди жана айыпталуучуларды эркиндигинен ажыратуу жайларынын эң катаал режимдерине изоляциянын даражасы боюнча салыштырууга боло турган шарттарда кармоого жол берет, ал жерге соттолгондор соттун күчүнө кирген өкүмү боюнча жаза өтөө жайларына жөнөтүлөт, бул бөгөт чарасынын максаттарына пропорционалдуу эмес.

Жеке мейкиндиктин, ачык абада өткөрүлүүчү убакыттын жетишсиздиги, жылытуусу тынгылыктуу эмес, табигый жарыктын жана желдетүүнүн жетишсиздиги камак жайларында алдын ала камакта кармоонун адамдын кадырын басмырлоочу шарттарында болуп, бул кыйноолорго окшош ырайымсыз, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге алып келүүчү шарттарды түзүп, психологиялык жана дене боюнун абалын бузат.

Ушуга байланыштуу жазыктык жаза мөөнөтүндө камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын эсепке алуунун колдонуудагы жазык-укуктук модели соттолгондун сотко чейинки өндүрүштүн чыгымдарын компенсациялоого мурда мамлекет тарабынан берилген укугун азайтат жана аны талашылып жаткан мыйзам жобосу күчүнө киргенге чейинки эреже боюнча жүргүзүлгөн эсеп менен жазасын өтөп жаткан адамдарга караганда тең эмес абалга коет, бул Конституцияга карама-каршы келет.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 24-майындагы №03/555 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.5. **Конституциялык соттун 2023-жылдын 19-апрелиндеги Чечиминде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кайрылуусуна байланыштуу Конституциянын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн расмий чечмелениши берилген.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкү укуктук позициялар берилген.*

Конституциялык ченемдер жогорку даражадагы жалпылоонун баштапкы жоболору болуп саналат, коомдун саясий, социалдык-экономикалык, руханий-маданий түзүлүшүнүн принципиалдуу жактарын бекитет. Алар укуктун башка тармактары үчүн стандарттар жана укуктук эталондор катары иштейт. Укуктун бардык башка тармактарынын ченемдери баштапкы конституциялык ченемдерди деталдаштырууга багытталган, аларды өзүнүн тармактык мазмуну менен толтурат жана аларга карама-каршы келе албайт.

Конституция жалпысынан негиз салуучу (декларативдүү ченемдер, ченемдер-максаттар, ченемдер-принциптер), жөнгө салуучу, коргоочу жана камсыз кылуучу ченемдерден турат, алар маңызы боюнча бири биринен ажырагыс. Тактап айтканда, ар бир конституциялык ченем бирдиктүү жана

бүтүн системанын түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

Конституциялык ченемдердин системалык бирдиктүүлүгү калган ченемдердин юридикалык мазмуну пайдубал ченем-принциптердин негизинде курулуусунда туюнтулат. Башкача айтканда, негиз салуучу ченемдер Конституциянын негизин түзөт, кыйла жогорку даражага ээ, ал эми конституциялык ченемдердин бардык башка түрлөрү аны менен карама-каршы келбеген даражада гана иштейт.

Демек, Конституциянын расмий чечмеленишинин укуктук мааниси анын айрым ченемдеринин жалпы конституциялык орнотмолор жана принциптер менен ажырагыс, системалуу өз ара байланышта жана кош катышта анын чыныгы мазмунун жана маанисин ачууда турат. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан конституциялык ченемди интерпретациялоо анын сөзмө-сөз баяндоосу жана кабылдоосу менен чектелбейт.

Конституциянын преамбуласынан келип чыккандай, мамлекеттин социалдык адилеттүүлүккө умтулуусу коомдук мамилелерди социалдык-саясий гармонизациялоо зарылдыгын билдирет, мында мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жана жумшалып жаткан каражаттар ар кимге анын өздүк өнүгүүсү үчүн бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, социалдык маселелерди чечүүнүн теңдеме системасын жаратпайт.

Негизинен мамлекет салыктык, бюджеттик, кредиттик жана административдик аспаптарды пайдалануу менен ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу, анын ичинде калктын эмгекке жарамсыз бөлүгүн багуу боюнча өзүнүн кирешелерин кайра бөлүштүрүүнү гана ишке ашырат.

Ошентип, Конституцияга ылайык либералдуу, укуктук мамлекет болгон Кыргыз Республикасынын социалдык саясаты экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөн эч бир көз каранды болбой койбойт, анткени өзүнүн социалдык милдеттенмелерин аткарууга жумшай турган ресурстардын көлөмү толугу менен коомдун экономикалык активдүүлүгүнүн жыйынтыктарынан бүт бойдон көз каранды.

Ошону менен, жарандардын социалдык укуктарынын жүзөгө ашырылуусу юридикалык кепилдиктердин болушунан гана эмес, ушул укуктарды анык кылуучу экономикалык факторлордун жыйындысы деп түшүнүлгөн материалдык түзүүчүдөн да көз каранды. Мындай өз ара шарттоочулук либералдык башат биринчи орунда жана социалдык мамлекеттин принциптерин жактоочулук андан артык болушу мүмкүн эмес дегенди билдирет.

Ошол эле учурда социалдык милдеттенмелер экономиканын абалына байланышпаган мамлекеттик түзүлүштүн түрү – бул рыноктук мамлекетке антипод, пландуу экономикасы бар мамлекет, анын колунда өндүрүштүн негизги каражаттары жана бүтүндөй өндүрүлгөн продукттун жыйынтыгы топтолгон, бардык болгон коомдук байгерликти бөлүштүрүү боюнча функция толугу менен өзүндө жатат.

Улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилдиктерин караштырган Конституциянын 44-

беренесинин 1-бөлүгүнүн жоболору менен өз ара байланышта ушул эле berененин 2-бөлүгү пенсия, социалдык жөлөк пулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат деп белгилеген.

Укуктук категория катары, жашоо минимумунун мазмуну анын калктын белгилүү мезгил аралыгында жашоо деңгээлинин белгиленген көрсөткүчү болуу жана мамлекеттин социалдык саясатынын багытын тандоосуна жана анын калкты социалдык жактан колдоо көрсөтүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруусуна таасир этүү касиетинде турат.

Чечмеленип жаткан ченем башка конституциялык орнотмо менен түздөн-түз байланышта турат, ага ылайык мамлекеттин социалдык иши жарандын өзү жана үй-бүлөсү үчүн экономикалык бакубаттыкка жетишүү мүмкүндүгүн, экономикалык эркиндигин, активдүүлүгүн чектөөчү мамлекеттик камкордук формасына өтпөөгө тийиш.

Келтирилген конституциялык ченемдер, башка конституциялык маанилүү милдеттер жүктөлгөн мамлекет социалдык кепилдиктер чөйрөсүндөгү өзүнүн милдеттенмелерин өзүнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө өлчөмдөш ишке ашырууга милдеттүү дегенди билдирет. Мамлекеттеги социалдык саясатты жүргүзүүгө жасалган башкача мамиле либерал экономика жана рынок мамилелери жөнүндөгү конституциялык жоболордун ишке ашырылуусуна каршы аракет жасайт.

Колдонуудагы ченем «коомдун экономикалык мүмкүнчүлүгүнө жараша» деген сөздү камтыбаганы менен, бул ченемдин чыныгы мааниси пенсия, социалдык жөлөк пул жана башка социалдык жардам менен жашоо деңгээлин мамлекеттин реалдуу экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес камсыз кылат дегенден башкача түшүнүлүшү мүмкүн эмес.

Мында мамлекеттин саясаты жарандардын аярлуу категорияларына алардын бардык турмуштук муктаждыктарын канааттандырууга керек болгон көлөмдө социалдык төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген экономикалык өсүүнүн ушундай деңгээлине жетишүү үчүн илгери арымдай бериши керек.

Чечимде иштелип чыккан конституциялык ченемдин интерпретациясы конституциялык герменевтиканын принциптерине ылайык жүргүзүлдү жана социалдык камсыздоого байланыштуу адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга төп келет.

Жогоруда келтирилген укуктук позициядан алганда, Конституциялык сот «Конституциянын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялык-укуктук мазмуну пенсиялардын, социалдык жөлөк пулдардын жана башка социалдык жардамдын өлчөмүн аныктоо өлкө экономикасынын абалына жана мүмкүнчүлүктөрүнө тике көз каранды болбой коюушу мүмкүн эмес, демек, «мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат» деген сөздөр менен берилген ченемдик жобо мамлекет тарабынан пенсия, социалдык жөлөк пулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес өлчөмүн белгилөө мамлекеттин түздөн-түз милдеттенмеси деп түшүнүүгө болбойт, бул максаттуу багыттама катары кабыл алынып, ага

умтулган аракеттерди жасоо мамлекеттин конституциялык-маанилүү милдети деп каралууга тийиш» - деп чечти.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 24-майындагы №03/553, №03/554 каттары менен Жогорку Кеңешке жана Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

**2.6. Конституциялык сот 2023-жылдын 26-апрелинде** тиешелүү райондун тургундары болуп саналган адамдарды акимдин, айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна дайындоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдердин конституциялуулугун текшерди, жана өзүнүн Чечими менен талашылып жаткан айрым ченемдерди Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери кызмат ордун ээлөөсүнө күчүн жайылткан даражада Конституцияга карама-каршы келет деп тапты.

Ошол эле учурда соттун Чечиминде Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салуу чөйрөсүнө ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө баяндалган укуктук позициялардан келип чыккан өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырылды.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар мамлекеттин социалдык-маданий жана административдик-саясий турмушунда, экономиканы жана коомдун башка бардык чөйрөлөрүн башкарууда маанилүү ролду ойнойт жана өз кызматчыларынан жогорку кесипкөйлүктү, компетенттүүлүктү, мамлекеттин кызыкчылыгында кызматтык милдеттерин толук жана сапаттуу аткаруу үчүн зарыл болгон жоопкерчиликти, тийиштүү даярдыкты, билимдерди жана көндүмдөрдү талап кылат.

Ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу атайын укуктук жөнгө салуу аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга кирүүчү жарандар үчүн милдеттердин өзгөчөлүктөрүн, аларды уюштуруунун жана иштөө принциптерин эске алуу менен өзгөчө талаптарды жана чектөөлөрдү аныктоого укуктуу.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык тиешелүү райондо туулган адам аким боло албайт.

Аталган Мыйзамдын 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык тиешелүү шаарда туулган адам мэр боло албайт. Ушундай эле ченем аталган Мыйзамдын 52-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунда камтылган, анда тиешелүү айыл аймагында туулган адамды айыл өкмөтүнүн башчысы кылып дайындоого тыюу салуу каралган.

Тиешелүү айыл аймактын, райондун, шаардын аймагында коомдук башкарууну уюштурууда белгиленген кызмат адамдарына жетектөөчү роль таандык экени талашсыз. Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык шаарлардын мэрлерине, райондордун акимдерине, айыл өкмөт башчыларына аткаруучу-тескөөчү функцияларды ишке ашыруу боюнча жетишээрлик кеңири компетенциялар берилген. Алардын колунда жергиликтүү жамааттардын административдик жана социалдык-экономикалык

маселелерин чечүү боюнча толук жетиштүү бийлик топтолгон деп айтууга болот. Башкача айтканда, аким, мэр, айыл өкмөт башчысы аткарган функциялардын жыйындысы өзүнүн көп түрдүүлүгү жана башкаруучу таасир этүү күчү менен бул институттардын белгилүү аймактык бирдиктерде коомдук турмушту башкаруунун негизги куралы катары маанилүүлүгүн түздөн-түз көрсөтүп турат.

Демек, бул кызмат орундарын ээлей турган адамдарга жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктары үчүн кыйла натыйжалуу жана пайдалуу ишмердикти камсыздай алгандай белгилүү бир талаптар орнотулбай коюулушу мүмкүн эмес.

Кыргыз элинин өнүгүү контекстинде салттуулук анын иденттүүлүгүн аныктоочу жашоо ыңгайын, жалпы адамзаттык баалуулуктарды, тарыхый калыптанган үрп-адаттарды сактоону жана муундан-муунга өткөрүп берүүнү билдирет. Ошону менен бирге элдик салттардын бардыгы эле коомдун турмуш тартибине пайдалуу таасирин тийгизе бербейт. Айрыкча, туугандык байланыштары бар адамдардын тыгыз жашагандыгынан жана отурукташкандыгынан улам, уруулук мамилелер инсандар аралык коммуникацияны бекемдөөдө олуттуу орунду гана ээлебестен, жергиликтүү жамааттардын коомдук жашоосуна да өз таасирин сактап турат.

Бул салттарды сактоо жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан жергиликтүү маанидеги орчундуу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууда тууганчылык же башка артыкчылыктар боюнча адамдардын белгилүү бир категориясына негизсиз привилегияларды берүүгө алып келиши мүмкүн, аны менен кызыкчылыктардын кагылышуусуна жана олуттуу социалдык толкундоолорду чакырууга түрткү берген жергиликтүү калктын наразычылыгына өбөлгөлөрдү жаратат.

Мындай жобо жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин жалпы принциптерине, мыйзамдуулукту, бирдейликти жана социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарын коргоого, бул органдардын ачыктыгына, элдин кызыкчылыгында өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда, эл алдындагы конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчиликке шайкеш келбейт; мамлекет жана анын органдары коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылат.

Бул субъекттердин жергиликтүү жамааттын жана жалпысынан мамлекеттин алдындагы жоопкерчилигинин даражасына негизденип, Конституциялык сот тиешелүү райондун, шаардын, айыл аймагында туулган адамдарга райондун акиминин, шаардын мэринин жана айыл өкмөт башчысынын кызматтын ээлөөгө тыюу салууну киргизүү конституциялык талаптарга ылайык келет, анткени ал мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын өзгөчөлүктөрү жана коомдук кызыкчылыктар менен шартталган деп эсептейт.

Мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү көбүнчө коомдун ишенимине негизделет. Тиешелүү укуктук механизмдерди түзүү менен мыйзам чыгаруучу

мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдардын зоболосуна жогору талаптарды коюуга укуктуу. Мындай талаптар жарандарда кызмат адамдарынын моралдык, этикалык жана адеп-ахлактык сапаттарына жана мамлекеттик бийликти алып жүрүүчүлөр катары алардын иш-аракеттеринин мыйзамдуулугунан жана жеке пайда көрүүгө кызыкдар эместигине күмөн жаралбашы үчүн орнотулат. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин түзүлүшүнүн жана иштешинин өзгөчөлүгү саясий кызматтарды ээлеген адамдардын өзгөчө статусун аныктайт.

Мыйзам чыгаруучу мамлекеттик кызмат орундарын дифференциациялоо жана алардын ар биринин укуктук статусун жөнгө салуу менен бул чөйрөдө өзгөчө эрежелерди орнотууга укуктуу.

Бишкек жана Ош шаарлары административдик-аймактык бөлүнүүнүн принциптерине ылайык өзгөчө конституциялык-укуктук статуска ээ жана республикалык маанидеги шаарлар деп таанылган, ал эми Бишкек шаары Кыргыз Республикасынын борбору болуп саналат (Конституциянын 14-беренесинин 2-бөлүгү).

Көрсөтүлгөн шаарлар өзгөчө мамлекеттик мааниге ээ, аларды башкаруу өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик башкаруу менен айкалышып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринде жүзөгө ашырылат. Мында алардын башкаруу органдарынын тутумун жергиликтүү бийликтин өкүлчүлүктүү органдары болуп саналган шаардык кеңештер жана жогоруда белгиленгендей, өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар чектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттик бийлик органдарынын аткаруу функцияларын жүзөгө ашырган тиешелүү мэриялар түзөт.

Урбанизациянын масштабы, Бишкек жана Ош шаарларындагы калктын өсүү ылдамдыгы алардын административдик, саясий, экономикалык, илимий, билим берүү, тарыхый-маданий борборлордон болуусу менен башка аймактардын жашоочуларын экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн бир топ кеңири мүмкүнчүлүктөрү менен өзүнө тарткандыгы менен шартталган. Ушуга байланыштуу бул шаарлардын калкынын курамы башка административдик-аймактык бирдиктерден айырмаланып, жамааттык туулгандык жана отурукташкандык белгилери боюнча эмес, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жараша түзүлөт.

Мындай шартта уруулук мамилелердин өзгөчөлүктөрү Бишкек жана Ош шаарларындагы калктын курамынын калыптанышына жана жергиликтүү жамааттардын коомдук турмушуна таасир этүүсүнө жөндөмсүз.

Тиешелүү түрдө, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин кызмат ордун бул шаарларда туулган адамдардын ээлөөсүнө мүмкүн эместиги түрүндөгү каралып жаткан чектөө конституциялык маанидеги максаттарга өлчөмдөш эмес жана бул кызмат орундарын ээлөөгө ат салышкан талапкерлерге карата жайылтылышы мүмкүн эмес.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 17-июлундагы №03/807 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

**2.7. Конституциялык соттун 2023-жылдын 3-майындагы Чечими:**

- «Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамдын 9-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы Конституциянын 57-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө камсыздандырылган адам тарабынан жасалган жосун соттон тышкары тартипте коомдук коркунучтуу деп таанылган жана этиятсыздыктан жасаган учурда камсыздандыруучуну милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу суммасын төлөөдөн бошотууга жол берген даражада карама-каршы келет деп тапты;

– мыйзамдуу күчүнө кирген соттун, прокурордун, тергөөчүнүн актысы менен тастыкталган, мыйзамсыз же негизсиз сот актысын чыгарууга алып келген, реабилитациялабай турган негиздер боюнча күбөнүн же адистин атайын жалган көрсөтмөсү, эксперттин атайылап берген жалган корутундусу, атайылаган туура эмес котормо, документтердин же болбосо буюмдук далилдердин жалгандыгы белгиленгендигинен улам жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо маселелерин жөнгө салган ЖПКнын 373-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун «прокурордун, тергөөчүнүн» деген сөздөр менен баяндалган бөлүгүндө Конституцияга карама-каршы келген деп тапты;

– Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 268-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапты.

Мында сот Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү демилгелөөнү кароону сунуштады.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Күнөөсүздүк презумпциясынын айыптын сөзсүз далилдениши жана жоюлгус күмөн саноону айыпталуучунун пайдасына чечмелөө тууралуу талаптары мамлекеттин органдарын иштин жагдайларын объективдүү жана калыс аныктоого багыттайт, ансыз ишти сот тарабынан негиздүү жана адилеттүү чечүү мүмкүн эмес.

Сот актысы мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып башка мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын актыларына мүнөздүү болбогон төгүндөлбөстүк, өзгөчөлүк, милдеттүүлүк, преюдициалдык, аткарылууга жөндөмдүүлүк жана өзгөрбөстүк касиеттерге ээ болот.

Күнөөсүздүк презумпциясы конституциялык принциби ошондой эле тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын жана прокурордун тергөө аяктаган адамга карата анын күнөөсү жөнүндө тыянактары сот үчүн милдеттүү эмес экендигин да билдирет.

Ошентип, сот өзүнүн жогорку миссиясы боюнча өзгөчө бийликтин ээси болуп саналат жана ал мамлекеттин атынан адамдын кылмыш жасоодогу күнөөсү жөнүндө чечим чыгарууга, аны мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм менен

бекитүүгө ыйгарым укуктуу бирден-бир орган болуп саналат. Бул функция эч кандай шартта башка бир да мамлекеттик органга жүктөлүшү мүмкүн эмес.

Кылмыш-жаза процессуалдык иштин фундаменталдуу эрежелеринин бири преюдиция болуп саналат.

Преюдициялык аныкталган фактылар бул башка, биринчи кезекте, чечилген иш боюнча далилдердин негизинде аныкталган жагдайлар. Бул далилдердин баары далилдөөнүн процессуалдык тартибинен өткөн: чогултуу (табуу жана бекитүү), текшерүү жана баалоо. Алардын негизинде чыгарылган тыянактар мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдүн (чечимдин) мазмунуна киргизилген.

Преюдициялык аныкталган фактыларды изилдөөдө тергөө органдары жана сот алар констатацияланган сот актысынын сапатын талкууга ала алышпайт жана мыйзам тарабынан белгиленген тартипте жокко чыгарылмайынча бул актыга карама-каршы келген жаңы корутундуларды чыгара алышпайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту иш боюнча өкүмдүн же башка соттук чечимдин преюдициялык күчү мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечимдер түрүндө билдирилген, сот адилеттигин жүзөгө ашыруудагы сот ишинин жана анын тажрыйбасынын бирдиктүүлүгү сыяктуу укуктук көрүнүштүн негизи болуп саналаарын белгилейт.

Мыйзам чыгаруучу КЖПКда жазык ишин козгоо мүмкүн болбогон, ал эми козголгон иш кыскартылууга жаткан жагдайлардын толук тизмесин караштырган (27-березенин 1-бөлүгү), алар укуктук кесепеттерге жараша реабилитациялоочу, адамдын кылмыш жасоого катышы жок экендигин же болбосо окуя же кылмыштын курамы болбогондугун көрсөтүүчү, ошондой эле реабилитациялоочу эмес, белгилүү бир жагдайларда адамды кылмыш жоопкерчилигинен бошотууга мүмкүндүк берүүчү жагдайлар болуп бөлүнөт.

Мында, прокурор, тергөөчү жүйөлүү токтомду чыгаруу менен сотко чейинки өндүрүштө жазык ишин кыскартуу ыйгарым укугуна ээ.

Мыйзамдарга (ушул иште конституциялуулугу текшерилип жаткан ченемдик укуктук жоболорго) ылайык тергөөчүнүн, прокурордун токтомунда аныкталган фактылар кийинчерээк жазык жана жарандык сот өндүрүшүндө кайтадан ачылган жагдайлар боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо үчүн негиз боло алат, демек, үчүнчү жактардын укуктук мамилелерине олуттуу таасирин тийгизет.

Колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ылайык, кылмыш ишин реабилитациялоочу эмес негиздер боюнча кыскартуу институтунун жазык-укуктук концепциясы тергөөчү, прокурор же сот тарабынан коомдук кооптуу жосун жасаган адамды айыптоо өкүмү формасында анын жүрүм-турумуна терс баа берүүдөн жана ага кылмыш-жаза мыйзамында каралган кылмыш-жаза мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын (жаза) колдонуудан бошотууда турат, мында соттун потенциалдуу өкүмү кандайдыр бир укуктук чындык катары кабыл алынат. Бирок, көрсөтүлгөн маселе боюнча соттун мүмкүн болуучу өкүмү, алдын ала айтууга боло турганына карабастан, априори айкын эмес болуп саналат.

Буга чейин белгиленгендей, мамлекеттин атынан адамды кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таануу укугу, анын жазага тартыла турганына же андан бошотула турганына карабастан, анын органдарынын бирине гана – сотко таандык. Бирок, ал жазык сот өндүрүшүнүн каалаган учурунда эмес, сот кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык принциптерин сактоо менен белгиленген процессуалдык формада, соттук териштирүүнүн жыйынтыгында ушундай жыйынтыкка келгенде гана пайда болот.

Демек, мамлекеттин атынан жазык куугунтугун жүзөгө ашыруу ыйгарым укугуна жана ошол эле учурда милдетине ээ болгон алдын ала тергөө органдарынын (тергөөчүнүн, прокурордун) чечимдери өзүнүн укуктук табияты боюнча преюдициялык күчкө ээ боло албайт жана кийинчерээк башка, өзгөчө кылмыш жасоодо адамдын күнөөсүн аныктоо тууралуу сөз болгондо, мындай иштерди чечүү үчүн юридикалык мааниге ээ болгон фактылардын болуусун же жоктугун ырастай албайт.

Реабилитациялоочу эмес негиздер боюнча сотко чейинки өндүрүштүн аяктагандыгы тууралуу алардын актыларынын мааниси мыйзамдуулук жана жазанын шексиздиги принциптерине карама-каршы келбеген учурларда укук коргоо жана сот системасын келечеги жок процессуалдык иштер менен ашыкча жүктөмдү болтурбоодо турат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Конституциялык сот кылмыш-жаза укук мыйзамдарында реабилитациялоочу эмес негиздер боюнча жазык ишин кыскартууга тыюу салууну, ошондой эле иште камтылган юридикалык фактыларга преюдициялуулукту берүүгө кызыкдар жактардын демилгеси боюнча кыскартылган ишти кайра жандандыруу мүмкүнчүлүгүн камтыган укуктук механизмдерди караштыруу зарыл деген тыянакка келет. Бул учурда күнөөсүздүк презумпциясына жана юридикалык фактылардын преюдициялуулугуна жооп берген соттун өкүмү кайтадан ачылган жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо үчүн укуктук негиз боло алат, бул сот бийлигинин кол тийбестиги тууралуу конституциялык талаптарга толук жооп берет.

Аскер кызматчыларын камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдын талашылып жаткан ченеми камсыздандырылган адам тарабынан жасалган жосун кайсы процессуалдык акт менен коомдук кооптуу деп таанылышы мүмкүн деген суроодо анык эместикти камтыйт.

Укуктук аныктык принцибинин талаптарын сактабоо карама-каршы укук колдонуу тажрыйбасын пайда кылат, аларды бир мааниде эмес чечмелөө жана өз эркинче колдонуу мүмкүнчүлүгүн жаратат, ошону менен адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин бузууга алып келиши мүмкүн.

Мыйзам чыгаруучу камсыздандыруучу менен камсыздандырылган адамдардын (пайда алуучулардын) ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салууда, эгерде камсыздандыруу учуру камсыздандырылган адам тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте коомдук коркунучтуу деп табылган жосун жасалгандыгынын натыйжасында келип чыкса камсыздандыруучу камсыздандыруу суммасын төлөөдөн бошотулат деп белгилеген.

Жогоруда баяндалган укуктук позициялардан жана күнөөсүздүк презумпциясы, сот бийлигинин кол тийбестиги жана анын гана актыларынын преюдициялуулугу тууралуу конституциялык принциптеринин үстөмдүгүнөн алганда, адамдын коомдук кооптуу жосунду жасоодогу күнөөсүн аныктоонун мыйзамдарда белгиленген тартиби деп соттук тартипти гана түшүнүү керек.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 17-июлундагы №03/809 каты менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.8. **Конституциялык сот өзүнүн 2023-жылдын 23-майындагы Чечиминде** «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын Жогорку Кеңештин депутатына карата кылмыш ишин козгоо жөнүндө чечим Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен гана Башкы прокурор тарабынан кабыл алынат деген 138-беренесинин 1-бөлүгү Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

Мында Чечимден колдонуудагы укуктук жөнгө салууга аталган Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыгат.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Парламенттин көз карандысыздыгы бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгү, ошондой эле мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү системасындагы анын өзгөчө орду менен шартталган (Конституциянын 4-беренеси).

Парламенттин жана депутаттык мандаттын укуктук табияты депутаттын кызматтык милдеттерин тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу, ошол эле учурда аны негизсиз куугунтуктоолордон коргой ешала турган депутаттын ишине атайын кепилдиктердин болушунун зарылдыгын алдын ала аныктайт.

Алсак, Конституциянын 78-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Жогорку Кеңештин депутаты депутаттык ишмердигине байланыштуу айткан ой-пикирлери же Жогорку Кеңештеги добуш берүүнүн жыйынтыктары үчүн куугунтукка алынышы мүмкүн эмес. Депутатты кылмыш жасаган жеринен кармаган учурларды кошпогондо, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен гана аны жазык жоопкерчилигине тартууга жол берилет.

Депутатты кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун өзгөчө тартиби биринчи кезекте анын өзүнүн функциялык милдеттерин талаптагыдай аткаруусун жана коомдук-укуктук ишмердигин натыйжалуу жүзөгө ашыруусун камсыз кылууга багытталган жана парламенттик иммунитеттин маанилүү белгилеринин бирин түзөт.

Мыйзамдарды кабыл алуу ыйгарым укуктарына ээ болуу жана аларды өз каалоосу боюнча мазмун менен толтуруу боюнча өзүнүн ажыратылгыс укугун пайдалануу менен Жогорку Кеңеш «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамга Башкы прокурор тарабынан Жогорку Кеңештин депутатына карата кылмыш ишин Жогорку

Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен гана козгоо мүмкүндүгү жөнүндө жобону киргизди (138-берененин 1-бөлүгү). Муну менен Жогорку Кеңеш депутаттын укуктук кол тийбестигинин чегин кеңейтип, парламенттин макулдугун алуу жол-жобосун кылмыш ишин козгоо баскычысына чейин жайылтты. Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарга ылайык бул маселе Башкы прокурордун ыйгарым укуктарына киргизилген, ал өз алдынча чечим кабыл алат.

Кылмыш ишин козгоо баскычынын процессуалдык мааниси ал жасалган кылмыштын бардык жагдайларын толук жана ар тараптуу изилдөө, далилдерди чогултуу жана фиксациялоо, күнөөлүү адамдарды ашкерелөө жана аларга карата кылмыш-жаза процессуалдык мажбурлоо чараларын өз убагында колдонуу максатында кылмыштын ар бир фактысына жооп кылуу жана андан кийинки бардык тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн шарттарды жана өбөлгөлөрдү түзүүдө турат.

Ушуга байланыштуу, укуктук кол тийбестик, анын ээсине карабастан, кылмыш ишин өз убагында козгоого жана кылмыштын бетин ачуу боюнча механизмдин нормалдуу иштешине тоскоол болбошу керек.

Конституциялык сот, депутатка карата Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен гана кылмыш ишин козгоо мүмкүндүгүнө жол берген талашылып жаткан ченемдин мазмуну парламенттик кол тийбестиктин максаттарына менен шайкеш келбейт жана жеке артыкчылык элементтеринин пайда болушуна алып келиши мүмкүн деп белгиледи. Кол тийбестик депутаттын өзгөчө укуктук статусунун элементи болуу менен депутатты юридикалык жоопкерчиликтен негизсиз бошотууга өбөлгө боло турган куралга айланбашы керек.

Ошентип, парламенттик кол тийбестик институту мамлекеттин коомдук-саясий турмушунун конкреттүү муктаждыктарына жооп берген укуктук баалуулук болуп саналат, бирок абсолюттук боло албайт жана депутатты жасаган кылмышы үчүн жоопкерчиликтен шартсыз бошотууну билдире албайт.

Парламенттик кол тийбестикти кеңири түшүнүү депутаттык кол тийбестиктин коомдук-укуктук мүнөзүн бурмалап, кылмыш ишин козгоо баскычынын, ошондой эле жалпысынан кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн максаттарына жана милдеттерине карама-каршы келет, аны жеке артыкчылыкка айландырат. Бул сөзсүз түрдө мыйзам жана сот алдында бардыгынын теңдик принцибинен алып салууга, ошондой эле бийлик ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланууга жол берүү жөнүндөгү конституциялык орнотууну бузууга алып келет.

Демек, кылмыш жасады деген негиздүү шектенүүлөр болгон учурда Жогорку Кеңештин депутатына карата кылмыш ишин козгоо депутаттын ишине жана көз карандысыздыгына кийлигишүү болуп саналбайт.

Баяндалганды эске алуу менен, депутатка карата кылмыш ишин козгоого Жогорку Кеңештин макулдугун алуу зарылдыгын белгилеген «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын 138-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган механизм укуктук кол тийбестиктин максаттарына өлчөмдөш эмес жана Конституциянын 24-

беренесинин 2-бөлүгүндө жана 78-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген чектерден сырткары.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 24-майындагы №03/556 каты менен Жогорку Кеңешке жөнөтүлдү.*

2.9. **Конституциялык соттун 2023-жылдын 7-июнундагы Чечиминде,** коммерциялык эмес уюмдардын акча каражаттарын түзүү булактары жөнүндө мурунку жыл үчүн жыйынды маалыматтарды берүү тартибин жөнгө салган «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзамдын 17-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүн Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Ошону менен бирге Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга аталган Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө баяндалган укуктук позициядан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырылган.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Талашылып жаткан ченемдер басмырлоо менен теңештирилбейт, анткени алар колдонуудагы укуктук жөнгө салуу системасында өзүнүн мааниси жана багытталышы боюнча коммерциялык эмес уюмдардын ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылууга багытталган конституциялык талап менен шартталган жана Конституциянын 24-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт.

Ошентсе да мыйзам чыгаруучу коомдук бирикмелердин бардык түрлөрүнө карата финансылык отчеттуулукка талаптарды белгилөөдө алардын иштөөсү үчүн бирдей шарттарды камсыз кылган бирдиктүү мамилени жана укуктук режимди кармануу га тийиш. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот көрсөтүлгөн милдеттенмени окшош коомдук мамилелердин субъекттерине акылга сыярлык талаптарга жана бирдей мамиле кылуу принцибине ылайык келтирүү зарылдыгын белгилейт.

Ошондой эле Чечимде мыйзам долбоорлорун адистештирилген экспертизадан өткөрүүнүн колдонуудагы системасын бирдиктүү стандарттардын жана объективдүү фактыларга таянуу менен системалуу мамиленин негизинде жүзөгө ашырылуусу, коюлган суроолорго жүйөлүү жоопторду камтуусу, болжолдуу баалоолордун тереңдигин, изилдөөлөрдүн толуктугунун деңгээлин жана кылдаттыгын чагылдыруусу үчүн аларды кайра карап чыгуу зарылдыгы белгиленди.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 17-июлундагы №03/808 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.10. **Конституциялык сот 2023-жылдын 14-июнундагы Чечиминде** кыскартылган иш боюнча өндүрүштү кайра баштоо боюнча прокурордун ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу КЖПКнын 35-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пунктун, 260-беренесинин 1-бөлүгүн мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү өз күчүн сактаган сот актысы менен ырасталган жазык ишин кыскартуу жөнүндө токтомду жокко чыгарууга жана ал боюнча өндүрүштү кайра баштоого прокурордун мүмкүнчүлүгү жол берилген көлөмдө Конституцияга карама-каршы келет деп тапты.

*Бул Чечимде төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Кылмыш-жаза процессуалдык иш мамлекеттик иштин өзгөчө түрү катары анын субъекттеринин өзүнүн кароосу жана каалоосу боюнча өзүм билемдик менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес. Бул үчүн мамлекет мыйзамдык жактан ажырагыс системалык байланышта болгон жазык-процесстик иштин мүнөзүн, анын мазмунун жана багытын аныктоочу жалпы жана атайын эрежелерди, негизги жоболорду түзөт.

Бирок, КЖПКнын каралып жаткан ченемдеринин мазмунун кылмыш-жаза процессуалдык жоболордун комплексинен үзүп пайдалануу, атап айтканда КЖПКнын 27-беренесин пайдалануу талашылган ченемдерди девианттык, кем түшүнүүгө алып келди. Жыйынтыгында бул маселе боюнча соттун чечими болсо да, прокурорго кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө токтомду жокко чыгарып, иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Өзүнүн бийик максатына байланыштуу сотко өзгөчө ыйгарым укуктар берилген жана мамлекеттик бийликтин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бир дагы органында болбогон бийликтик-тескөөчү ыйгарым укуктарга ээ. Соттук актылар  соттук контролдун же түздөн-түз соттук териштирүүнүн алкагында кабыл алынганына карабастан, алар мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып төгүндөлбөстүк, өзгөчөлүк, милдеттүүлүк, преюдициалдуулук, аткаруучулук касиетке ээ болуп, башка мамлекеттик органдардын актылары менен  өзгөртүлүшү  мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда колдо болгон укуктук жөнгө салуу бул маселеге соттук баа берүү болгон учурда кылмыш ишин кыскартуунун мыйзамдуулугуна прокурордук көзөмөл жүргүзүү маселеси боюнча прокурордун өз эркине кароосуна жол берет, бул маани-маңызы боюнча сотко таандык ыйгарым укуктарга кол салуу болуп саналат. Мындай укуктук кырдаал Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын системасын түзүүнүн конституциялык принциптери көз карашынан алганда да, бийликтин сот бутагынын конституциялык-укуктук статусу боюнча да жол берилгис.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот азыркы соттук көзөмөл системасында жазык сот өндүрүшүнүн максаттарына карама-каршы келген, жазыктык куугунтукка алуунун туруктуу коркунучу жасалма жол менен түзүлгөн учурда, ошол эле негизде токтотулган жазык ишин өзүм билемдикке салып, утур баштоо жол берилгис деп эсептейт, тактап айтканда, жазык сот өндүрүшүн кыскартуу сыяктуу аны аяктоонун мындай түрү адамдык ар-намысты басмырлоого жөндөмдүү, инсандын конституциялык эркиндиктерине ашыкча түйшүк болуп саналат.

Жогоруда айтылгандарды көңүлгө алып, Конституциялык сот талашка түшкөн ченемдер соттук коргоого укук жөнүндө конституциялык жоболорго, сот актыларынын төгүндөлбөстүгүнө жана жалпыга бирдей милдеттүүлүгүнө мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү өз күчүн сактаган сот актысы менен ырасталган жазык ишин кыскартуу жөнүндө токтомду  жокко чыгарууга жана ал боюнча өндүрүштү кайра баштоого прокурордун мүмкүнчүлүгү жол берилген көлөмдө карама-каршы келет деп эсептейт.

*Чечим андан ары аткаруу үчүн соттун 2023-жылдын 27-июнундагы №03/690  каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

**2.11. Конституциялык сот 2023-жылдын 30-июнундагы Чечиминде** «Атасынын ысымы атасынын аты болот» деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Үйбүлө кодексинин 63-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун, «Атасынын атын өзгөртүү атасынын, асыроочунун, өгөй атасынын же чоң атасынын жана таятасынын аттары боюнча жүзөгө ашырылат» деген сөздөр менен баяндалган «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын ченемдик жобосунун, 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацын Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Ошону менен бирге сот Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга матроним (матчество) институтунун жана аракетке жөндөмдүү жарандын атасынын аты менен матчествонун ортосунда тандоо укугунун жоктугунан келип чыккан талашылып жаткан ченемдерди текшерүүнүн алкагында табылган укуктук кенемтенин ордун толтурууга багытталган тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караштырган, б.а. анын жоктугу теңчилик принциптерин жана жыныс белгиси боюнча басмырлоого тыюу салууну бузуу үчүн шарттарды түзөт.

Кийинчерээк, Конституциялык сот 2023-жылдын 9-ноябрында белгиленген тартипте өзгөртүлгөн конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында А. Капалованын кызыкчылыгын көздөгөн Э.Тилек кызы менен А. М. Осмоналиеванын өтүнүчү боюнча Конституциялык соттун 2023-жылдын 30-июнундагы жогоруда аталган Чечимин кайра карап чыкты.

*Мурда кабыл алынган, соттун 2023-жылдын 30-июнундагы Чечимин кайра кароону караган бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Кайрылуунун маңызы арыз ээси энеге баласына өз аты менен атасынын атын берүүгө, башкача айтканда, матчествону колдонууга мүмкүнчүлүк берүүнү сурангандыгында болгон.

Жалпысынан, мыйзамдарда кыргыз улуттук каада-салттары боюнча, ошондой эле өз атын, фамилиясын жана атасынын атын караган ат ыйгаруунун калыптанган советтик системасы боюнча ысым ыйгаруу мүмкүнчүлүгү каралган.

Ошону менен бирге Чечимде кыргыз улуттук салты боюнча («уулу, кызы, тегин» көрсөтүү менен) ысым ыйгаруу тартиби өзгөрүүсүз калганы белгиленген.

Ошол эле учурда советтик система боюнча балага фамилия, ысмын жана атасынын атын ыйгарууга ата-эненин, анын ичинде эненин укугу баланын эң жакшы кызыкчылыктарын жана анын өнүгүшүнүн, тиешелүү социалдык чөйрөдө калыптанышынын жагымдуу шарттарын камсыз кылуу укугу менен түздөн-түз байланышта.

Ушуга байланыштуу баланын укуктары ата-эненин укуктарына карата артыкчылыктуу мааниге ээ жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат. Ал эми баланын матчество алып жүрүшү салттуу коомдо ага карата ар кандай стигма жана буллинг (ат коюу, мазактоо) колдонууга алып келиши мүмкүн болгондуктан, арыз ээсинин өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартылган.

Бирок, бойго жеткенде (Граждандык кодекстин 56-беренесине ылайык он сегиз жашка чыкканда), башкача айтканда, тигил же бул себептерден, анын ичинде турмуштук трагедиялардан улам, эркектин атын өзүнүн толук аты-жөнүнүн элементи катары кабыл албаган жаран учурдагы чындыкка объективдүү баа берүү жана ага адекваттуу жооп берүү жана өзүнүн иш-аракеттери үчүн толук жооп берүү жөндөмүнө ээ болгондо, ал атасынын же энесинин ысымынын ортосунда тандоо укугуна ээ болушу керек. Каралган маселе калктын анча көп эмес бөлүгүнө гана тиешелүү болушу мүмкүн. Ошондуктан мыйзамдарда жарандардын ушул категориясына ушундай мүмкүнчүлүк берүүчү укуктук жоболор камтылууга тийиш жана теңчилик принциптерин жана жынысы боюнча басмырлоого тыюуну бузуу үчүн шарттарды түзбөөгө тийиш.

Аталган Чечим менен биздин коомдун ат коюу менен байланышкан салттуу жана тарыхый негиздери эч кандай өлчөмдө бузулган жок.

Өз кезегинде, Конституциялык соттун 2023-жылдын 30-июнундагы Чечимин кайра карап чыгуу жөнүндө 2023-жылдын 9-ноябрындагы Чечиминде, конституциялык контролдоо органы Негизги Мыйзамдын ченемдеринин конституциялык-укуктук маанисин аныктоодо жана аларды түшүнүүдөгү анык эместик маселелерин чечүүдө коомдук укуктук аң-сезиминде басымдуулук кылган социалдык реалдуулукту да эске алышы керектиги белгиленген.

Матчество институтун киргизүү коомдун басымдуу бөлүгү тарабынан терс мааниде кабыл алынгандыгын эске алып, коомдук-укуктук жана жеке-укуктук кызыкчылыктарды коргоо боюнча мамлекеттик институттардын укук коргоо ишмердүүлүгүнүн тең салмактуулук принцибин сактоо максатында Конституциялык сот Конституциялык соттун 2023-жылдын 30-июнундагы Чечиминин жүйөлөштүрүү бөлүгүнүн 6-пунктун жана резолютивдик бөлүгүнүн 2-пунктун алып салууну чечти.

*Конституциялык соттун 2023-жылдын 30-июнундагы жана 2023-жылдын 9-ноябрындагы Чечимдери соттун 2023-жылдын 15-ноябрындагы №03/1152 каты менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине менен жөнөтүлдү.*

2.12. **Конституциялык сот 2023-жылдын 12-июлундагы Чечиминде** согуштук аракеттердин катышуучулары үчүн социалдык төлөөлөрдү жөнгө салуучу «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана ооруктагы эмгекчилер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-статьясынын 1-бөлүгүн Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Конституция социалдык мамлекеттин максаттарына ылайык жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларына, анын ичинде согуштун ардагерлерине пенсия, жөлөкпул жана башка социалдык коргоо жана колдоо чаралары түрүндө кепилдик берүү менен колдоо көрсөтөт.

Конституциялык жоболорду жана 1994-жылдын 15-апрелиндеги Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары, башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттердин катышуучулары,

курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү үчүн жеңилдиктерди жана кепилдиктерди өз ара таануу жөнүндө макулдашууну жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп саналган «Согуштун, Куралдуу Күчтөрдүн ардагерлери жана ооруктагы эмгекчилер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган.

Согуш ардагерлерине, тактап айтканда, башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттердин катышуучуларына социалдык коргоо берүү Мыйзам менен адамдардын үч тобуна дифференцияланган (Мыйзамдын 17-статьясы).

Биринчи топто согуштук аракеттерге катышкан аскер адистери жана аскер кеңешчилери, экинчи топто – Афганистанга жүктөрдү жеткирүү үчүн жиберилген автомобилдик батальондордун аскер кызматчылары, ал эми үчүнчү топто – Афганистанда советтик аскер контингенттерин тейлеген жана жаракат алган же согуш аракеттериндеги иши үчүн СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган жумушчулар жана кызматчылар кирген.

Мыйзамдын талашылып жаткан аталган жоболору «аскердик адистери жана аскердик кеңешчилери» деген сөздөрдү кошпогондо, жогоруда аталган Макулдашууга шайкеш келет, ал эми Макулдашууда «аскердик адистер жана кеңешчилер» деп көрсөтүлгөн жана 2009-жылы Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин ушундай формулировка колдонулган болчу.

Тарыхый контексттен алганда аскер кеңешчилери жана аскер адистери көбүнчө аскердик мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу үчүн өз билимдери жана тажрыйбасы менен бөлүшкөн, ал эми партиялык кеңешчилер партиялык иштерге жана идеологиялык жактан колдоого басым жасашкан, бирок Афганистандагы согуштук аракеттерге түздөн-түз катышкан эмес.

Тиешелүү түрдө «кеңешчилер» деген сөздү «аскердик кеңешчилер» деген сөзгө алмаштырууга алып келген Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр 1994-жылдын 14-апрелиндеги Улуу Ата мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары, ошондой эле башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттердин катышуучулары, курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү үчүн жеңилдиктерди жана кепилдиктерди өз ара таануу жөнүндө макулдашуунун 3.1-пунктунун жоболорунун укуктук маңызын жана баштапкы маанисин өзгөрткөн жок.

Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин арыз ээсин башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттердин катышуучуларынын биринчи тобуна таандык кылуусу жана аталган Мыйзамдын жоболоруна ылайык ага кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүү согуштук аракеттердин мезгилинде АДРдин аймагында болушкан адамдардын укуктук статусун аныктаган мамлекеттер аралык макулдашуунун жоболорун туура эмес чечмелөөнүн натыйжасы болгон.

Жогоруда баяндалганды эске алып, Конституциялык сот арыз ээсинин Мыйзамга түзөтүү киргизилгенге чейин ага берилип келинген социалдык кепилдиктердин өлчөмүнүн азайышы укукка каршы жана муну менен анын конституциялык укуктары кемиди деп түшүнүүсү негизсиз болуп саналат деп белгиледи.

*Конституциялык соттун Чечими маалымат үчүн соттун 2023-жылдын 15-ноябрындагы №03/1152 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

**2.13. Конституциялык сот 2023-жылдын 27-сентябрындагы Чечиминде** Жарандык процесстик кодекстин өзү жок кезде ишти териштирүү жөнүндө өтүнбөгөн доогер сотко жүйөлүү себептерсиз бир жолу келбесе, ал эми жоопкер ишти маңызы боюнча териштирүүнү талап кылбаса, сот арызды кароосуз калтырууга жол берилет деген 222-беренесинин 6-пункту Конституцияга доогердин сотко жүйөлүү себепсиз бир жолу келбей калса, ал жок кезде ишти териштирүү жөнүндө өтүнбөсө, сот тарабынан доону кароосуз калтырууга жол берилген даражада карама-каршы келет деп тапкан.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, ошондой эле бардык соттук жол-жоболор акыркы жыйынтыкка жетүү үчүн негизсиз тоскоолдуктарды камтыбаган учурда, ар бир адамдын өз ишин сот тарабынан биротоло чечилишине жетүү ниетинин ишке ашуусун билдирет, мында процесстин тараптарынын инсандыгына жана соттук териштирүүнүн предметинин мүнөзүнө карабастан бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктөр берилет.

Каралып жаткан маселенин контекстинде мыйзам чыгаруучу сот адилеттигинин таламдарын коргоонун процесстик чараларын киргизүүдө, анын ичинде соттук иштерди создуктурууну болтурбоо үчүн алардын негиздүүлүгүнө жана өлчөмдөштүгүнө, тең укуктуулук принцибинин, жарандардын сот адилеттигине жетүү укугунун артыкчылыктуулугуна жана алардын ишинин сот тарабынан биротоло чечилишине таянуусу милдеттүү.

Жарандык процессте доогер менен жоопкердин ролдору өзүнүн табияты боюнча ар кандай мүнөзгө ээ, ал эми алардын жүрүм-турум компоненти иштин предметине жана конкреттүү жагдайларына жараша көрүнөт. Буга карабастан, доогер да, жоопкер да үчүн соттук жол-жоболор алардын кызыкчылыктарын коргоонун процессуалдык каражаттарына жана адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укуктарынын сот алдындагы бирдейлиги постулатына негизделиши керек.

Сотко, өзүнүн жогорку максатын толук жана натыйжалуу аткаруусу үчүн мамлекет мамлекеттик бийликтин мажбурлоо ыйгарым укуктарын, анын ичинде укукка жана сотко сый-урмат мамилени калыптандыруу максатында колдонуу укугун берет. Мисалы, соттун чакыруу кагазы жана башка талаптары бардык адамдар үчүн милдеттүү жана кынтыксыз аткарылууга тийиш. Аларды аткарбоо мыйзам боюнча санкцияларга (жазалоого) жана башка жоопкерчиликке алып келет, алар өз максаты боюнча сот адилеттигинин кызыкчылыктарын камсыз кылуучу механизм катары кызмат кылат.

Ишке катышкан адамдардын сотко келүүдөн качуусу сотту сыйлабастыктын формаларынын бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу жарандык процесстик мыйзамдарда адамдарды процесске катышууга мажбурлоо мүмкүнчүлүгү, анын ичинде Жарандык процесстик кодекстин

222-беренесинде каралган негиздер келип чыкса, арызды кароосуз калтыруу каралган.

Доогерге карата мындай процесстик чара процесстин андан ары өнүгүү мүмкүндүгүн бөгөттөп, натыйжада доогер процесске чейинки абалына кайтып келет. Муну менен арызды кароосуз калтыруунун доогер үчүн жагымсыз кесепеттери ачык-айкын: мамлекеттик алымды кайра төлөө зарылчылыгы келип чыгат, соттук териштирүүнүн жыйынтыгына жетүү мөөнөтү узарат, кайра берүү убактысы доонун эскирүү мөөнөтүн токтотпойт, күч-аракети, каражаты жана убактысы текке кетет.

Жарандык процесстик мыйзамдарды жана алардын процесстин катышуучуларынын укуктарына тийгизген таасирин талдоо, сот тарабынан процесстик таасир этүү чараларын колдонуу маселесинде процесстин катышуучуларынын (доогер менен жоопкердин) тең укуктуулук принциби бузулгандыгы орун алгандыгын, ошондой эле бир тартип бузуу жоопкерчиликтин ага өлчөмдөш бир чаранын көрүлүшүнө алып келүүгө тийиш болгон маанилүү эреже этибарга алынбагандыгын айгинелейт.

Ушуга байланыштуу, доогер – иштин жыйынтыгына көбүрөөк кызыкдар болгон жак жүйөлүү себепсиз сотко бир жолу келбей койгондугуна байланыштуу, аны бул соттук териштирүүнүн алкагында мамлекеттик алымды кайтарып алуу укугун жоготуу менен сот тарабынан иштин биротоло чечилишине жетишүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу доогерге карата ашыкча процесстик санкция болуп саналат жана ага өлчөмдөш эмес анын сот адилеттигине жетүүгө, сот тарабынан ишти өз убагында кароого жана чечүүгө болгон укугун чектейт.

Процесстин ак ниет катышуучуларынын укуктарынын реалдуу кепилдиктерин камсыз кылуу жана арызды кароосуз калтыруу институтунун максатына жетүү (процесстик укуктарды кыянаттык менен пайдалануу жана процесстик милдеттерди аткарбоо) колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтпөстөн мүмкүн эмес.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 15-ноябрындагы №03/1153 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.14. **Конституциялык сот 2023-жылдын 18-октябрындагы Чечиминде** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 77-беренесинин 3-бөлүгүнүн «Токтом жана негизги өндүрүштөн бөлүнүп алынган материалдар мөөрлөнүп чапталган конвертке салынат, ал андан ары кылмыш ишин териштирген органда сакталат жана анда камтылгандар менен тергөөчүдөн тышкары прокурор жана сот тааныша алат» деген сүйлөм менен баяндалган ченемдик жобосун Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу сот адилеттигинин кепилдиктеринин маанилүү элементи болуп саналат жана анын негизги максаттарынын бири – жазык процессине катышкан бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жетишүүгө

багытталган. Бул конституциялык милдет мамлекетке жүктөлгөн жана коомдук, ошондой эле жеке кызыкчылыктарды коргоого багытталган.

Алсак, жазык процессинде күбөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген коргоо механизмдеринин бири псевдоним ыйгаруу жана ага жеткиликтүүлүктү чектөө аркылуу алар жөнүндө маалыматтарга жашырындуулук берүү болуп саналат. Бул чара кылмыш ишинин материалдарынан адамдын жеке маалыматтары жөнүндө маалымдаманы алып салуу жана аларды негизги өндүрүштөн өзүнчө сактоо жолу менен ишке ашырылат. Мындай чараны колдонуу жөнүндө чечим тергөөчү тарабынан кабыл алынат жана инсан жөнүндө маалыматтарды купуя сактоо жөнүндө кабыл алынган чечимдин себептерин көрсөтүү менен токтом чыгаруу аркылуу тариздселет.

Пикир келишпеген учурда коргоо тарабы тергөөчүнүн мындай чечимине прокурорго даттанууга укуктуу. Прокурор жазык куугунтуктоосун жүргүзүүдөн тышкары укук коргоо органдарынын ишине көзөмөлдөйт, мыйзамдын үстөмдүгүн камсыздайт жана жашырындуулук каражаттарын мыйзамдуу колдонулушун кепилдейт.

Сот өзүнүн сот адилеттигинин функциясын аткарууда бардык берилген далилдерди, анын ичинде жашыруун маалыматты тиешелүүлүгү, жол берилиши жана анықтыгы көз карашынан алганда баалоого жана текшерүүгө тийиш.

Ушуга байланыштуу, сотко чейинки өндүрүштө коргоого алынган адам жөнүндө маалыматтарга жетүүнү чектөө жөнүндө тергөөчүнүн чечиминин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө прокурордук көзөмөлдү, ошондой эле соттун жашыруун материалдарды түздөн-түз изилдөө жана баалоо боюнча берилген ыйгарым укуктарын камсыз кылган мыйзамда белгиленген жол-жоболордо Конституциялык сот ар бир адамдын соттук коргоого, ишти көз карандысыз жана калыс сот тарабынан адилеттүү чечүүгө конституциялык укугунун бузулгандыгын көргөн жок.

Ошону менен бирге Конституциялык сот жашыруун маалыматка жетүү маселесиндеги талаш-тартыштуу ченем коргоо тарабына айыптоочу тараптагыдай процессуалдык мүмкүнчүлүктөрдү толук бербей турганын белгилейт. Бирок, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуунун, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын Конституциянын өңүтүндө, анын ичинде жазык сот өндүрүшүнүн алкагында коргоонун жана сактоонун маанилүүлүгүн жана артыкчылыктуулугун эске алуу менен, жогоруда айтылган субъекттердин өздөрүнүн процессуалдык милдеттерин жүзөгө ашыруусу тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын конституциялык принцибин бузбастан, айыптоо тарабынын жана коргоо тарабынан процессуалдык мүмкүнчүлүктөрүн теңдөө үчүн жетиштүү шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет.

*Чечим маалымат үчүн соттун 2023-жылдын 14-декабрындагы №03/1239 каты менен ишке катышкан тараптарга, анын ичинде Юстиция министрлигине жөнөтүлдү.*

2.15. **Конституциялык соттун 2023-жылдын 25-октябрындагы Чечиминде** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык

кодексинин 455-беренесинин 1-бөлүгү кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу, ишти кыскартуу, ишти жаңы соттук териштирүүгө өткөрүп берүү боюнча соттун ыйгарым укуктарын чектеген даражада Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Конституциялык сот өз Чечиминде КЖПКнын 455-беренесинин 1-бөлүгүндө КЖПКнын 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 2, 3-пункттарында каралган башка негиздер боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугун ченем жаратуу технологиясынын талаптарын бузуунун натыйжасы болуп саналарын белгилеген, мында талашылып жаткан ченемде көрсөтүлгөн пункттарга талап кылынган шилтеме алардын мазмунун жана маани-маңыздык жүгүн эске алуу менен колдонулган эмес.

Натыйжада, мыйзам чыгаруучу тарабынан талашылып жаткан ченемде концептуалдык мүнөздөгү калтырууга жол берилген, муну менен биринчиден, КЖПКнын 451-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча соттун сот адилеттигин жүзөгө ашыруудагы конституциялык функцияларын ишке ашыруу, тактап айтканда, соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу, ишти токтотуу, жаңы соттук териштирүү үчүн сотко өткөрүп берүү боюнча ыйгарым укуктарын чектеген, экинчиден жазык иштери боюнча адилетсиз сот актылары менен жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын соттук коргоого конституциялык укугун чектеген.

Башкача айтканда, кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра жандандыруу маселесин колдонуудагы укуктук жөнгө салуу кайтадан ачылган жагдайлардын бардык спектрин камтууга мүмкүндүк бербейт, натыйжада жазык иштери боюнча адилетсиз чечимдер жарандардын адилетсиз бузулган укуктарын калыбына келтирүүнүн процесстик мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

Ошентип, сот өз өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу укугунан пайдаланып, ишти каралып жаткан ишке тиешелүүлүгү боюнча сот отурумунда изилденген кайтадан ачылган жагдайлардын негизинде чечип, өндүрүштү КЖПКнын 451-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган бардык негиздер боюнча кайра жандандырууга укугу болушу керек.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2023-жылдын 28-декабрындагы №03/1285 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.16. **Конституциялык сот 2023-жылдын 15-ноябрындагы Чечиминде** «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын $60^1$-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүнүн «Мында талапкер жеке каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда көрсөтүлгөн эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт» деген ченемдик жобосун Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Талашылып жаткан ченемдик жобого ылайык талапкерди шайлоодо каттоонун шарттарынын бири Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине жеке каражаттардан мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн

миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгүүнүн зарылдыгы болуп саналат.

Бирок, арызданууучунун пикири боюнча көрүүсү боюнча майып адамдарды мыйзам чыгаруу органына депутаттыкка талапкер катары каттоодо теңсиз абалга коет жана басмырлоо болуп саналат.

Мында соттун бул Чечими менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө баяндалган укуктук позициядан алганда колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеси каралат.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Социалдык коргоо укугун кепилдөө жөнүндө конституциялык жактан орнотуу мамлекетти бул функцияны тийиштүү укуктук жөнгө салууну түзүү аркылуу аткарууга милдеттендирет. Мыйзам чыгаруучу социалдык жактан коргоого муктаж болгон жарандардын категорияларынын корголушун камсыз кылган мыйзамдарды кабыл алуу укугуна гана ээ болбостон, ошондой эле кабыл алууга жана бул мыйзамдарды ишке ашыруунун конкреттүү механизмин аныктоого милдеттүү.

Социалдык колдоо деп, баарынан мурда, ар бир адамдын, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын субъективдүү укуктарын толук ишке ашырууну камсыз кыла турган мыйзамдык чаралардын системасын камтыган социалдык-укуктук коргоо түшүнүлөт.

Социалдык коргоо теңсиздикке каршы күрөшүүнүн эң маанилүү инструменттеринин бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу боюнча мамлекеттин милдеттери өзгөчө мааниге ээ.

Бул адамдарга карата укуктук саясат алардын жеке туруксуздугун компенсациялоого мүмкүндүк берүүчү механизмдерди түзүүгө жана мамлекеттик колдоонун каражаттары аркылуу басмырлоонун бардык мүмкүн болгон формаларын токтотууга багытталышы керек.

Белгилей кетсек, азыркы этапта дүйнөдө демократиянын өнүгүшү барган сайын калктын көпчүлүк бөлүгүнүн саясий процесстерге тартылуу маселесине көңүл буруунун артылышы менен мүнөздөлөт, ошону менен азыркы коомдун түзүмү жана сегменттүүлүгү оң жагына өзгөрүп, контрмажоритаризм жана саясий инклюзия күч алууда. Башкача айтканда, дүйнө жүзүндө бүтүндөй коомго таасир этүүчү чечимдерди кабыл алуу процессине азчылыктардын, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандардын катышуусунун деңгээлин анык жогорулатууга, аларды өлкөнүн коомдук жана саясий жигердүү турмушуна кошууга умтулууда. Натыйжада коомдун өнүгүшүнүн сапаттуу жаңы деңгээлине өтүшү, коомдук мамилелердин гумандашуусу жана социалдык тилектештикти чыңдоо байкалууда.

Конституциянын жана эл аралык актылардын жоболору ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктарын урматтоого жана аларды күчөтүлгөн укуктук коргоо менен камсыз кылууга милдеттендирет. Бул алардын субъективдүү укуктарын ишке ашырууда ден соолугунун абалы

боюнча алардан артыкчылыктуу эмгекке жарамдуу мүмкүнчүлүктөрү бар жарандар менен тең салмактуулукка жетишүүсү үчүн аларга кошумча артыкчылыктарды берүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү ченемдик-практикалык мүнөздөгү атайын чараларды түзүүнү болжолдойт.

Укуктук ченемдерде адамдардын ар кандай категорияларынын юридикалык статусундагы өлчөмдөш айырмачылыктарын белгилөөнүн жол берилиши жана максатка ылайыктуулугу, атап айтканда, алардын айрымдары үчүн жеңилдиктерди же артыкчылыктарды бекитүү формалдуу теңдик принцибин колдонуу аркылуу коомдук турмуштун кайсы бир чөйрөсүндө же адамдардын кайсы бир категориясына карата адилеттүү абалга жетишүү мүмкүн болбой калганда, калктын белгилүү бир тобу үчүн артыкчылыктуу укуктарды же жеңилдиктерди берүү боюнча чараларды колдонуу максатында гана мүмкүн. Башкача айтканда, бул мамлекет тарабынан кайсы-бир белгилери боюнча адамдардын кыйла аярлуу категорияларына жогорулатылган кепилдиктерди берүү аркылуу коомдо иш жүзүндө теңдикти орнотууга багытталган позитивдүү иш-аракеттерди жасоосун билдирет. Мындай адамдарга айрым артыкчылыктарды берүү боюнча бул чаралар адамдын экономикалык, социалдык, рухий жана башка муктаждыктарын канааттандырууда аларга коомдун башка социалдык топтору менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө мүмкүндүк берет.

Мыйзам чыгаруучу тарабынан шайлоо күрөө институтун киргизүү талапкерди каттоонун шарттарын жөнөкөйлөштүрүү, ошондой эле талапкерди же талапкерлердин тизмесин көрсөтүүнү колдоодо шайлоочулардын колдорун бурмалоонун кеңири жайылган терс практикага каршы аракеттенүү зарылчылыгы менен шартталган. Ошону менен бирге шайлоо процессине катышууга ниеттенген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар шайлоо күрөөсүн төлөө мүмкүнчүлүгү боюнча толук кандуу эмгекке жарамдуу жарандар менен табигый себептерден улам тең келе албастыгын эстен чыгарбоо керек.

Конституциялык сот «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамы шайлоо күрөөсүн төлөө маселеси боюнча мажоритардык шайлоо системасы боюнча демократиялык шайлоого ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын катышуусунун өзгөчө жөнгө салуу тартибин караштырбагандыгын белгилейт, демек, алар шайлоого катышуу укугун жалпы негиздерде жүзөгө ашырышат.

Бул талашылып жаткан ченемдин ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата колдонулушу терең конституциялык-укуктук түшүнүүдө теңдештик принцибине туура келбейт деп тыянак чыгарууга негиз берет, анткени ар кандай социалдык топтордун абалынын тең салмактуулугун орнотуу боюнча компенсаторлук механизмдерди камтыбайт.

Парламент коомду анын бүткүл көп түрдүүлүгүн көрсөтүүгө тийиш, андыктан мыйзам чыгаруучу аны түзүү жана ага мүмкүн болушунча көбүрөөк социалдык топтордун, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын катышуусуна шарт түзүү маселелерине өзгөчө көңүл буруусу талап кылынат. Ушундай жол менен гана шайлоонун айкындуулугунун,

атаандаштыктын жана мыйзамдуулугунун тиешелүү деңгээлин кармап турууга болот.

Мында электораттын жетиштүү колдоосундагы талапкерлер шайлоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек, анткени бийликти мыйзамдаштыруунун негизги механизми болуп шайлоочулардын талапкерге ишеним деңгээлин аныктоо экендиги ачыктан айкын.

Каралып жаткан контекстте, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүүлүгүнөн социалдык жактан аярлуу абалдагы, бирок калктын колдоосуна ээ болгон адамдарга талапкер катары аны каттоонун альтернативдүү варианттарын колдонуу мүмкүнчүлүгү кепилдениши керек.

Бирок, шайлоо процессиндеги бирдей мамиле айрымдардын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү сыяктуу жагдайларды эске албастан, баарына бирдей талаптарды орнотууну билдирбейт. Тескерисинче, Конституциянын духу калктын социалдык жактан аярлуу топторунун, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондугунан улам, бирок калктын тиешелүү колдоосуна ээ болгондор арылгыс тоскоолдуктарсыз, эмгекке жарамдуу көпчүлүк менен тең шайлоого талапкер катары катталууга жана мамлекеттик бийликтин жогорку органдарына шайланууга мүмкүн болгудай укуктук механизмди киргизүүнү талап кылат.

Ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу аталган категориядагы адамдардын статусун эске алуу менен алар үчүн өзгөчө укуктук режимди киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароосу зарыл.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2024-жылдын 9-январындагы №03/11 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлгөн.*

2.17. **Конституциялык сот 2023-жылдын 22-ноябрындагы Чечиминде** Эмгек кодексинин 218 жана 303-статьяларын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмелери жөнүндө» токтомун Конституцияга карама-каршы келбейт деп тапкан.

Ошол эле учурда бул Чечим менен Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы токтому менен бекитилген Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу кызматтардын тизмесинде өндүрүштүн, жумуштун, кесиптердин жана кызмат орундарынын болушунун негиздүүлүгүн системалуу негизде камсыз кылуу каралат.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Конституция ар бир адамга эмгек эркиндигине, эмгекти жана ден соолукту коргоого, анын ичинде коопсуздук жана гигиена талаптарына болгон укукту кепилдейт. Мамлекетке жарандардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча милдеттер жүктөлөт, ал эмгектик мамилелерди, анын ичинде аялдын организминин физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен укуктук жөнгө салынышын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 218 жана 303-беренелеринде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмелери жөнүндө» токтомунда аялдардын эмгегин чектөөлөр алардын ден соолугун, өзгөчө репродуктивдүү функциясын коргоо зарылчылыгы менен шартталган жана коомдун бакубаттыгынын негизги элементи катары алардын репродуктивдүү ден соолугун сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Муну менен катар эле адамдардын жашоо-турмуштук керектөөлөрүн камсыз кылуучу эмгекке болгон укук жана эмгекке бирдей жеткиликтүүлүк дүйнөлүк социалдык-экономикалык саясатта өзөктүү болуп калаары белгиленген. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция сыяктуу эл аралык актылар эркектер менен аялдар үчүн басмырлоосуз бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү колдойт.

Ошонун негизинде мыйзам чыгаруучу «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамда жыныстык белгилери боюнча басмырлоо түшүнүгүн аныктаган гендердик басмырлоонун критерийлерин жана ага кирбеген башка жоболорду белгилеген.

Юридикалык теңчилик принцибин ишке ашыруу аялдын тукум улантуудагы жалпы таанылган социалдык ролун эске албастан жүргүзүлүшү мүмкүн эмес, бул мамлекетти аялдар үчүн, анын ичинде эмгек мамилелери чөйрөсүндө энеликти коргоого багытталган кошумча кепилдиктерди белгилөөгө милдеттендирет, тиешелүү түрдө аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салуу боюнча талашылып жаткан ченемдер ушул жоболордун логикалык жана негиздүү ишке ашырылышын билдирет.

Ошентип, мыйзамда белгиленген жана эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган атайын чараларды колдонууга конституциялык жол берилээрин жана ошол эле учурда басмырлоо болуп саналбагандыгын эске алып, Конституциялык сот талашып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деген тыянакка келди.

Ошону менен бирге, Аялдардын эмгегин пайдалануу чектелген өндүрүштөрдүн, эмгек шарттары зыяндуу жана (же) кооптуу болгон өндүрүштөрдүн, жумуштардын жана кызмат орундарынын тизмеси 2000-жылы бекитилгендигин жана кандайдыр бир олуттуу өзгөртүүлөргө дуушар болбогонун эске алуу менен, аткаруу бийлигинин жогорку органы жарандардын жашоосунун бул маанилүү чөйрөсүнө жетиштүү көңүл бурбай жатат деп айтууга болот, бул технологиянын жана техниканын өнүгүүсүнөн улам эмгек шарттарындагы болуп жаткан өзгөрүүлөргө системалуу мониторинг жүргүзүүнү жана эсепке алууну талап кылат. Кээ бир зыяндуу өндүрүш факторлору жок кылынышы мүмкүн, же алардын таасири кайсы бир деңгээлде ылдыйлап, эмгек шарттары азыр аялдардын репродуктивдүү ден соолугу үчүн коопсуз болуп калышы мүмкүн. Бул техниканын жана илимдин жетишкендиктери аялдардын эмгектенүүсү үчүн коопсуз шарттарды камсыз

кылууга мүмкүндүк берген өндүрүштөрдү, жумуштарды жана кызматтарды Тизмеден алып салуу жолу менен анын негиздүүлүгүн жана туруктуу жаңыртып туруу керектигин шарттайт.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2024-жылдын 9-январындагы №03/12 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.18. **Конституциялык сот 2023-жылдын 29-ноябрындагы Чечиминде** «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн «же ишти карап жаткан сот» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

Талашылып жаткан ченем Жогорку Кеңештин депутатын жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук алуу үчүн үчүн Башкы прокурор же ишти карап жаткан сот Жогорку Кеңешке тиешелүү сунуштама киргизе тургандыгын караган.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Конституция Жогорку Кеңештин депутатынын кол тийбестигин белгилейт, анын элементтеринин бири катары аны жазык жоопкерчилигине тартуунун өзгөчө тартиби эсептелет (78-берененин 1-бөлүгү). Депутаттын укуктук кол тийбестиги парламенттин табияты менен шартталган, парламентарийди негизсиз куугунтуктоолордон коргоп, өз функцияларын тоскоолдуксуз жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун атайын кепилдиктеринен турат.

Бирок депутаттын кол тийбестиги анын абсолюттук жазасыздыгын билдирбейт, тескерисинче, аны жазык жоопкерчилигине тартуунун өзгөчө тартибин гана белгилейт. Атап айтканда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Мыйзам жана КЖПКда депутатты жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук алуу жөнүндө сунушту Башкы прокурор гана Жогорку Кеңешке киргизе тургандыгы каралган.

Конституция прокуратура органдарын мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүүчү, жазыктык куугунтуктоо, соттук териштирүүгө катышуу, соттук чечимдердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүчү (105-берене) атайын статусу бар мамлекеттик бийлик органдарына киргизгендиктен, ага жогорку кызмат адамдарын жазыктык куугунтуктоо, анын ичинде депутатты жазык жоопкерчилигине тартууга Жогорку Кеңештен макулдук алуу милдети жүктөлгөн.

Конституциянын 105-беренесине, «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл прокуратура тарабынан жүргүзүлөт. Прокуратура органдары кылмыш куугунтуктоосун жүзөгө ашырат, соттук териштирүүгө катышат, соттук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөйт жана конституциялык мыйзамда каралган башка ыйгарым укуктарды аткарат.

Конституция, Кыргыз Республикасында сот адилеттигин сот гана жүзөгө ашыраарын белгилеп, бийликтин өз алдынча бутагы катары сот

бийлигин аныктайт жана ага негизги мамлекеттик функциялардын бирин жүктөйт (94-берене).

Сот адилеттигин ишке ашыруу өзгөчө укуктук тартипте өтөт, мында сотко иштерди кароодо жана чечүүдө мамлекеттик иш-аракеттин башка бир формаларында болбогон артыкчылыктар берилет. Бул тартип өзүнө ар бир иштин мыйзамдуу жана адилеттүү чечилүүсүнүн кебелбес кепилдиктерин камтыйт.

Сот адилеттигине мүнөздүү принциптер – көз карандысыздык, объективдүүлүк жана калыстык, сот адилеттигин атаандаштыктын жана тараптардын тең укуктуулугунун негизинде ишке ашыруу жыйынтыгында соттун мыйзамда белгиленген жол-жоболор аркылуу ишке ашырылуучу ишмердигинин маңызын жана мазмунун түзүп, сотко көз карандысыз жана калыс арбитрдин ролун гана ыйгарат.

Жогорку Кеңештин депутатын жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү жөнүндө сунуштама киргизүү боюнча милдеттенмени сотко жүктөө сот адилеттигин жүргүзүүнүн жогоруда аталган принциптерине туура келбейт, аларды сактамайынча сот актыларынын адилеттүүлүгүн жана мыйзамдуулугун камсыз кылуу мүмкүн эмес жана соттун түпкү конституциялык максаты менен айкалышпайт.

Талашылып жаткан ченемдин жоболору иштин жагдайларына объективдүү укуктук баа берүүгө тоскоол гана болбостон, ошондой эле Жогорку Кеңешке сунуштама киргизүүдө айыптоочу бир беткейдикти кармануууга мажбурлоо менен ар бир адамдын көз карандысыз сот тарабынан анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону камсыз кылуу, тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу боюнча конституциялык кепилдиктерге түздөн-түз карама-каршы келет (Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү, 95-беренесинин 1-бөлүгү, 100-беренесинин 3-бөлүгү).

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2024-жылдын 9-январындагы №03/13 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

2.19. **Конституциялык сот 2023-жылдын 27-декабрындагы Чечиминде:**

– Жарандык процесстик кодексинин «иштин маңызы боюнча чыгарылган» деген сөздөр менен баяндалган 373-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана «иштин маңызы боюнча» деген сөздөр менен баяндалган 375-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун;

– Административдик-процесстик кодекстин 267-беренесинин 2-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 17-мартындагы Чечиминде билдирилген укуктук позициясына шайкеш келбеген өлчөмдө Конституцияга карама-каршы келет деп тапкан.

ЖПКнын талашылып жаткан ченемдик жоболоруна ылайык, иштин маңызы боюнча чыгарылган, мыйзамдуу күчүнө кирген талашылып жаткан сот актысын кабыл алуу учуруна карата болгон, арыз ээсине белгисиз болгон же белгилүү болушу мүмкүн эмес болгон жагдайлар жаңыдан ачылган жагдайлар болуп саналат. Арыз ээлеринин пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдик жоболор талаш-тартыштын маңызы боюнча эмес чыгарылган сот

актыларына жаңыдан ачылган жана жаңы жагдайлар боюнча арыз берүүгө тыюу салат. Арызданууучулардын пикири боюнча мындай жагдай негизсиз жана адилетсиз болуп саналат, бул өз кезегинде соттор тарабынан сот адилеттигин ишке ашыруунун объективдүүлүгүнө шек туудурат.

АПКнын 267-беренесинин 2-бөлүгүнүн талашылып жаткан ченемине ылайык кайтадан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча соттун чечими, доону кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама, иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө аныктама, доону кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама гана кайра каралышы мүмкүн. Арыз ээси соттук актылардын көрсөтүлгөн тизмеси Конституциянын 23-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарына карабастан кабыл алынган, анда адам укуктары менен эркиндиктеринин мыйзам тарабынан Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана кыйла даражада чектөөлөрдүн белгиленишине жол берилбестиги каралган деп эсептейт.

Мында соттун Чечиминде Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 17-мартындагы Чечиминен жана Конституциялык соттун ушул Чечиминен келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү колдонуудагы укуктук жөнгө салууга киргизүү каралат; укуктук жөнгө салуу Жогорку соттун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 17-мартындагы Чечимине жана ушул Чечимге ылайык келтирилгенге чейин Конституция, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 17-мартындагы Чечими жана Конституциялык соттун ушул Чечими түздөн-түз колдонулат.

*Бул Чечимде сот тарабынан төмөнкүдөй укуктук позициялар билдирилген.*

Жаңыдан ачылган же жаңы жагдайлардын болушу иш үчүн принципиалдуу мааниге ээ, анткени ал чыгарылган сот актысынын мыйзамдуулугуна күмөн жаратат. Көрсөтүлгөн жагдайлар ачылган учурда сот соттук акты кабыл алат, аны менен ал мурда кабыл алынган жыйынтыктоочу сот актысын жокко чыгарат жана иш боюнча өндүрүштү кайра жандандырат. Мындай өндүрүштүн натыйжасында сот иштин бардык жагдайларын кайра кароо аркылуу өзгөргөн жагдайды эске алуу менен мурунку сот актысын жарым-жартылай же толугу менен жокко чыгаруу чечимин кабыл ала алат жана ошону менен иштин катышуучулары үчүн укуктук кесепеттер түп-тамырынан өзгөрүшү мүмкүн. Ошентип, мурунку сот актысын жокко чыгаруу менен иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу фактысынын өзү ишке катышкан бардык тараптар үчүн фундаменталдуу мааниге ээ, ушуга байланыштуу бул тууралуу соттук акт кайра кароо ишти маңызы боюнча кароодон жана жыйынтыктоочу актыны чыгаруудан кийинки стадияга которулушу мүмкүн болгон актыларга таандык кылынышы мүмкүн эмес.

Чечимде АПКга киргизилген өзгөртүүлөр өзүнүн мазмуну боюнча аталган 2021-жылдын 17-мартындагы Чечимде баяндалган бардык укуктук позицияларды толук көлөмдө камтыган жок деп белгилейт. Тактап айтканда, талашылып жаткан ченем жаңыдан ачылган жана жаңы жагдайлар боюнча адамдын субъективдүү укуктары жана юридикалык милдеттери токтотула турган бөгөт коюу мүнөзүндөгү аралык сот актыларын кайра кароо

мүмкүнчүлүгүн белгилейт. Ошол эле учурда бул тизме сот өндүрүшүнүн жаңы өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этүүчү доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү, ошондой эле соттун чечимин жокко чыгаруу жана жаңыдан ачылган жагдайларга байланыштуу өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө актыларды камтыбайт.

*Чечим андан ары кароо үчүн соттун 2024-жылдын 6-февралындагы №3/84 каты менен Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.*

## 3. Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышына сереп

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы №233 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентинин 81-пунктун аткаруудан улам алар тарабынан берилген колдонуудагы мыйзамдарды жана маалыматты талдоодо ченем жаратуучу органдар тарабынан мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын караган Конституциялык соттун 15 чечими боюнча төмөнкүдөй иш жүргүзүлгөндүгүн көрсөттү.

1. ЖПКнын 216-беренесинин 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 18-январындагы Чечими аткарылган.**

Мында 2023-жылдын 11-апрелиндеги №85 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын кабыл алынышы соттун Чечиминин жарым-жартылай аткарылышына өбөлгө болду.

Кийинчерээк, «Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» тиешелүү мыйзам Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2023-жылдын 25-июлундагы №28-6241 менен демилгеленип, кароодон кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 27-декабрында кабыл алынган.

Бул Мыйзамга 2024-жылдын 15-февралында №45 менен Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон.

2. КЖКнын 71-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө **2023-жылдын 25-январындагы Чечим аткарылган.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2022-жылдын 12-декабрындагы №6-24663/22 катына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Д. Бекешев, К. Ханджеза, В. Раимбачаева, М. Маматалиев, Ж. Акаев, Э. Сурабалдиева, С. Атамбаев жана Д. Толонов тарабынан «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын долбоору демилгеленген, ал Конституциялык соттун Чечиминдеги укуктук позицияларын камтыган.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 7-июнунда кабыл алынган жана 2023-жылдын 14-июлунда №135 менен ага Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон.

3. КЖПКнын 403-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 1-мартындагы Чечим** аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын долбоору иштелип чыккан, Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна 2023-жылдын 15-сентябрындагы чыг. №05-1/9607 менен киргизилген жана андан ары 2023-жылдын 3-апрелиндеги №28-8843 менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 28-февралында кабыл алынган жана ага 2024-жылдын 3-апрелинде №75 менен Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон.

4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 95-беренесинин жана «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 29-мартындагы Чечими аткарылды.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын долбоору иштелип чыккан.

Мыйзам долбоорун Министрлик 2023-жылдын 15-сентябрындагы чыг. №05-1/9540 менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн келип түшкөн сын пикирлерге байланыштуу мыйзам долбоору жеткире иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте макулдашуу үчүн кайра жөнөтүлгөн.

2023-жылдын 29-декабрындагы чыг.№05-1/13812 менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилген, андан кийин 2024-жылдын 20-февралындагы №6-1794/24 менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн.

Мыйзам 2024-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган жана 2024-жылдын 9-июлунан Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосунда турат.

5. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунун, 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун, 52-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 26-апрелиндеги Чечими аткарылган.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» («Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө», «Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө») Мыйзамдын долбоору иштелип чыккан.

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына (2023-жылдын 14-сентябрындагы чыг. №01-4/628) киргизилген жана андан ары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна 2023-жылдын 16-ноябрындагы №19-9666 менен жөнөтүлгөн (КРнын Жогорку Кеңешинде 2023-жылдын 17-ноябрында №6-14457/23 менен катталган).

Бул мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2024-жылдын 27-июнунда кабыл алган жана 2024-жылдын 10-июлунан Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосунда.

6. «Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө **2023-жылдын 3-майындагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **аткаруусунда** турат.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине, «Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзамдын долбоору иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча сын-пикирлерди эске алуу менен мыйзам долбоору мамлекеттик органдар менен кайра макулдашууга жөнөтүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына (2024-жылдын 26-

июнундагы чыг. №05-1/6447) кайра киргизилген. Жооптуу орган – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги.

7. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын 138-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 23-майындагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде аткарууда турат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары М.А. Маматалиев менен М. К. Алиевдин демилгеси боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын долбоорлору иштелип чыкты, ал кабыл алынган учурда алардын жоболору менен колдонуудагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» мыйзамдарды күчүн жоготууга берүү сунушталууда. Жооптуу орган – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши.

8. «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзамдын 17-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 7-июнундагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде **аткарууда.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Айрым коммерциялык эмес уюмдардын отчеттуулук маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты. Бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилди (2024-жылдын 5-мартындагы кириш. №6-23884/24). Ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2024-жылдын 6-июнундагы №2148 -VII токтому менен четке кагылган. Жооптуу орган – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги.

9. КЖПКнын 35-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пунктунун, 260-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 14-июнундагы Чечим аткарылды**. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына 2023-жылдын 15-сентябрындагы чыг. №05-1/9618 менен киргизилген, андан кийин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна 2023- жылдын 13-октябрында №28-8560 менен жөнөтүлгөн.

Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2024-жылдын 22-февралында кабыл алган жана ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2024-жылдын 2-апрелинде №73 менен кол койгон.

10. Жарандык процесстик кодекстин 222-беренесинин 6-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 27-сентябрындагы Чечим аткарылды.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан тиешелүү мыйзам долбоору даярдалып, (2024-жылдын 11-январындагы чыг. №05-1/162 менен) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилген, андан кийин – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлгөн.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2024-жылдын 27-июнунда кабыл алынган жана 2024-жылдын 10-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Президентинин кол коюусунда турат.

11. КЖПКнын 455-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 25-октябрындагы Чечим аткарууда.**

Соттун чечими Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-январындагы №74394 тапшырмасы менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, андан кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2024-жылдын 20-июнунда биринчи окууда кабыл алынган.

Жооптуу орган – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги.

12. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 60-1-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүнүн «Мында талапкер жеке каражаттарынын эсебинен Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн миң эсе өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт» деген сөздөр менен билдирилген ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 15-ноябрындагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде **аткарууда.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин линиясы боюнча бул маселе Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен бирдикте иштелип чыгууда.

13. Эмгек кодексинин 218 жана 303-беренелеринин, Өкмөттүн «Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмелери жөнүндө» токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 22-ноябрындагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде аткарууда, жооптуу орган – Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана жаштар министрлиги. Ал тарабынан «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси»

кодексинин долбоору иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилген, ал 2024-жылдын 7-майындагы №6-4259/24 менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген.

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде парламенттин комитеттеринин кароосунда турат.

14. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн «же ишти карап жаткан сот» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 29-ноябрындагы Чечим аткарылды.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, андан кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан демилгеленген «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзам долбоору (2024-жылдын 11-апрелиндеги чыг. №28-3064) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2024-жылдын 12-июнунда №2160-VII менен кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин кол коюусуна 2024-жылдын 27-июнунда №6-1174и/24 менен киргизилген.

15. 2023-жылдын 27-декабрында ЖПКнын 373-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 375-беренесинин 1-бөлүгүнүн тиешелүү түрдө «иштин маңызы боюнча чыгарылган» жана «иштин маңызы боюнча» деген сөздөр менен билдирилген ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө, ошондой эле АПКнын 267-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча **2023-жылдын 27-декабрындагы Чечим** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде **аткарууда турат.**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине жана Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын долбоору иштелип чыкты. Сын-пикирлер болгондугун эске алуу менен мыйзам долбоору жеткире иштелип чыгып, мамлекеттик органдар менен кайра макулдашылгандан кийин (2024-жылдын 11-мартындагы чыг. №05-3/2384) Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына (2024-жылдын 21-июнундагы чыг. №05-1/630) киргизилген.

Жоопту орган – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги.

Ошону менен бирге, конституциялык контролдоо органынын төмөнкү чечимдери али аткарыла электигине же жарым-жартылай аткарылгандыгына

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Министрлер Кабинети көңүлүн буруусу керек.

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Конституциялык соттун 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечими. Ал жарым-жартылай Эмгек кодексинин 427-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен аткарылган, мында өзгөртүүлөр жарандардын саясий мамлекеттик кызмат өтөөсү жөнүндө укуктук жөнгө салууга киргизилген эмес.

2) Конституциялык соттун 2014-жылдын 24-январындагы Чечими 2015-жылдын августунда 1999-жылдагы КЖПКга өзгөртүүлөрдү кабыл алуу жолу менен аткарылган. Бирок, 2021-жылы жаңы КЖПКны кабыл алууда мурда талашылып жаткан berenенин мазмуну конституциялык контролдоо органынын укуктук позициясын жана 2015-жылы КЖПКга кабыл алынган өзгөртүүлөрдү эске албастан формулировкаланган.

3) «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечим. Тиешелүү мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2023-жылдын 2-майында чакыртып алынган.

4) «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүнүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2016-жылдын 2-ноябрындагы Чечим. Тиешелүү мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2022-жылдын 14-ноябрында чакыртып алынган.

5) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 29-июнундагы чечим. Тиешелүү мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрында биринчи окууда четке кагылган.

6) Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 268-беренесинин 1-бөлүгүнүн «иштин маңызы боюнча чыгарылган» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2021-жылдын 17-мартындагы Чечим. АПКнын 267-беренесинин конституциялуулугун кароодо Конституциялык сот 2023-жылдын 27-декабрындагы өзүнүн Чечиминде 2022-жылдын 12-июлундагы №64 «Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамы менен камтылбаган укуктук позицияларды ишке ашыруу максатында berenенин колдонуудагы редакциясын кошумча кайра карап чыгуу зарылдыгын белгилеген жана конституциялык контролдоо органынын 2021-жылдын 17-мартындагы Чечиминин укуктук позициялары толук эске алынган эмес.

Каралган иштерди, жарандардын, юридикалык жактардын жана башка кайрылуу субъекттеринин кайрылууларын системалуу талдоонун негизинде, Конституциялык сот төмөнкүдөй тыянактарга жана сунуштарга келди.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун көзөмөлдөө функциясын жүзөгө ашыруу менен Конституциялык сот 2023-жылы 20 чечим кабыл алды, анын ичинде колдонуудагы конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кайра каралган бир чечим.

Кабыл алынган 20 чечимдин ичинен 15и мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдери Конституцияга карама-каршы келет деп таанылгандыктан же болбосо Конституциялык соттун чечиминин маанисинен улам укуктук жөнгө салуудагы кенемтелерди четтетүү зарылдыгы келип чыккандыктан аларды аткаруу керек деп эсептейт.

Соттун 19 чечиминде ЖПКнын айрым жоболорунун (4 жолу), КЖПКнын (4 жолу), Кылмыш-жаза кодексинин (2 жолу) жана 2021-жылдагы кылмыш-жаза мыйзамдарынын бөлүгүндөгү өткөөл мыйзамдын (1 жолу), АПКнын (2 жолу) жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүн жөнгө салууга багытталган 10 ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү жүргүзүлдү.

Конституциялык соттун Кылмыш-жаза кодексинин (2), Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (4), ошондой эле 2021-жылдагы кылмыш-жаза мыйзамдары бөлүгүндө өткөөл мыйзамдын (1) ченемдерин текшерүүнүн натыйжасында кабыл алынган 7 чечиминде алардын дээрлик бардыгы Конституциянын ченемдерине карама-каршы келет деп табылган. Соттун бир гана чечими менен КЖПКнын талашылып жаткан ченеми Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык соттун 4 чечиминде Жарандык процесстик кодекстин ченемдери Конституциянын ченемдерине карама-каршы келет деп табылган. Соттун эки чечими АПКнын айрым ченемдеринин конституциялуулугун караган, мында алардын бири Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган.

Жогоруда аталган кодекстердин ченемдерин текшерүүдө жарандар жана юридикалык жактар тарабынан Конституциянын 61-беренеси менен кепилденген соттук коргонуу укугун ишке ашыруучу укуктук механизмдерде күмөн саноолор болду.

Учурдагы укуктук жөнгө салууну конституциялык эмес деп таануунун көбүрөөк болушу мыйзам чыгаруучу органга Конституциянын үстөмдүгү принцибин жана жеке жана коомдук кызыкчылыктардын тең салмактуулугун сактоо үчүн кылмыш, жарандык жана административдик процесстик мыйзамдар жаатындагы мыйзам долбоорлорун кылдаттык менен карап чыгууга белги берет.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзамдын, Эмгек кодексинин жана «Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмеси жөнүндө» Өкмөттүн

токтомунун айрым жоболорун текшерүү боюнча 3 чечимде Конституциялык сот талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныса да, бирок укуктук жөнгө салуунун айрым көйгөйлөрүн аныктады. Бул чечимдерде укуктук жөнгө салууга ар кандай белгилер боюнча басмырлоого жол бербөө жана тең укуктуулук принцибин бузбоо көз карашынан баа берилет. Ушуга байланыштуу ченем жаратуучу органдар мамлекеттик колдоого муктаж адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн теңдөөгө багытталган колдонулуп жаткан жаңы технологияларды жана социалдык чараларды эске алуу менен, коомдук мамилелердин субъекттерин басмырлабоо жана теңчилик принциптерин ишке ашыруучу укуктук механизмдерди иштеп чыгууга кыйла кунт коюп мамиле кылышы керек.

Инсандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген же башка ыкма менен козгогон жоболорду белгилеген мыйзамдардын конституциялуулугун текшерүүдө Конституциялык соттун чечимдеринде укуктук чектөөлөр конституциялык укуктардын, жарандардын эркиндиктеринин жана мамлекеттин жана коомдун коомдук кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга тийиш экендиги баса белгиленген. Конституциялык укуктардын жана эркиндиктердин ар кандай чектөөлөрү юридикалык жактан жол берилген, социалдык жактан акталган гана эмес, ошондой эле адилеттүү, зарыл жана мындай чектөөлөрдүн конституциялык таанылган максаттарга өлчөмдөш болууга тийиш.

Конституциялык сот кабыл алынган мыйзамдарда Конституциянын принциптеринин жана ченемдеринин сакталышын жана өнүгүшүн ырастады, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын, жарандардын жана юридикалык жактардын ишинде Конституциялык мыйзамдуулук режимин андан ары камсыз кылууга багытталган укуктук позицияларды түздү. Айрым мыйзамдарда кемчиликтердин жана укуктук белгисиздиктин болушу менен шартталган укуктук жөнгө салуунун кемчиликтери аныкталган, ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучуга аларды коомдук мамилелерди мыйзамдык жөнгө салууну андан ары өркүндөтүүдө четтетүү каралган.

Айрым мыйзамдарда кемчиликтердин жана укуктук белгисиздиктин болушу менен шартталган укуктук жөнгө салуунун кемчиликтери аныкталган, ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучуга аларды коомдук мамилелерди мыйзамдык жөнгө салууну андан ары өркүндөтүүдө четтетүү каралган.

Айрым чечимдерде укук колдонуу практикасында жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна жол бербөө максатында Конституциялык сот мамлекеттик органдарды укуктук ченемдердин табылган конституциялык-укуктук мазмунун эске алуу менен конституциялык контролдоо органынын чечимин түздөн-түз колдонууга түздөн-түз багыттаган. Конституциялык сот мыйзам чыгаруучуга мыйзам чыгаруу ишинин практикасында болжолдоо институттарын, коомдук талкууларды жана коомдук экспертизаларды, ченемдик укуктук актылардын долбоорлору боюнча ар кандай диалогдук аянтчаларды системалуу пайдалануу максатка ылайыктуу деп эсептейт.

Мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары тарабынан Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу, ошондой эле өз ишинде бул чечимдерде камтылган укуктук позицияларды эсепке алуу боюнча зарыл чаралар көрүлүп жаткандыгын белгилей кетүү керек. Бирок, дагы деле болсо белгилүү бир көйгөйлөр бар, алар көбүнчө кызмат адамдарынын аларды аткаруу тартиби боюнча жетишсиз маалымдарлыгы же алардын Конституциялык соттун чечимдеринде көрсөтүлгөн укуктук позициялардын маңызы менен жетишсиз маалымдарлыгы менен байланышкан.

Ушуга байланыштуу ченем жаратуу иш процессинде сот, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик бутактарынын кызматташуусунун жана өз ара аракеттенүүсүнүн деңгээлин жогорулатуу керек, мында Конституциянын үстөмдүгү принцибин, адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо артыкчылыгын, өлчөмдөштүк принцибин, жеке жана коомдук кызыкчылыктардын тең салмактуулугун сактоо принцибин, ошондой эле укук колдонуу жүзөгө ашырылып жаткан шарттарын жетекчиликке алуу зарыл,.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

### Конституциялык соттун эл аралык уюмдардагы мүчөлүгү

Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуунун маанилүү милдеттерине жетүүдө Конституциялык сот жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн конституциялык контролдоонун тектеш органдары, ага теңештирилген институттары, ошондой эле башка укуктук институттар жана эл аралык уюмдар менен эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкты орнотууга жана бекемдөөгө өзгөчө көңүл бурат. Конституциялык соттун эл аралык конституциялык сот адилеттигинин системасына интеграциялануусу анын стратегиялык максаттарынын бири болуп саналат.

Ушуга байланыштуу Конституциялык сот эки тараптуу форматта да, ошондой эле конституциялык сот адилеттиги боюнча эл аралык уюмдардын жана региондук бирикмелердин линиясы боюнча да эл аралык байланыштарды түзүүгө жана чыңдоого олуттуу көңүл бурат. Алдыңкы тажрыйба менен алмашуу жана конституциялык сот адилеттигин жүргүзүүнүн мыкты практикасын үйрөнүү максатында Конституциялык сот Европа, КМШ жана Азия-Тынч океан өлкөлөрүнүн конституциялык контролдоо органдары менен тыгыз байланыштарды түздү. Европа бирлиги жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы менен өз ара аракеттенүүнү андан ары өнүктүрүү жана тереңдетүү боюнча иштер туруктуу негизде жүргүзүлүүдө.

Мындан тышкары, Конституциялык сот конституциялык сот адилеттиги боюнча Дүйнөлүк конференция (2014-ж.), Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясы (2015-ж.), Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын конституциялык сот адилеттиги боюнча биргелешкен кеңеши (2004-ж.), конституциялык контролдоо органдарынын Евразиялык ассоциациясы (1997-ж.) сыяктуу кесиптик эл аралык жана региондук бирикмелердин толук укуктуу мүчөсү болуп саналат.

2022-жылы Конституциялык сот жаңы түзүлгөн эки форумдун мүчөсү болду: Ислам дүйнөсүнүн мамлекеттеринин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясы жана Түрк тилдүү мамлекеттеринин уюмунун мүчө/байкоочу мамлекеттеринин конституциялык юрисдикцияларынын конференциясы. Аталган уюмдардын толук укуктуу мүчөсүнүн статусу Конституциялык сотко мүчө өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдары менен кеңири өз ара аракеттенүүгө, конституциялык сот адилеттигин жүргүзүү маселелери боюнча билим жана иш тажрыйбасы менен алмашууга, ошондой эле адамдын жана жарандын фундаменталдык укуктарын жана эркиндиктерин коргоого өбөлгө түзөт.

Конституциялык соттун судьяларынын эл аралык иш-чараларга катышуусу ар кандай сот органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү бекемдөө жана конституциялык укук жаатында алдыңкы тажрыйба алмашуу үчүн маанилүү, ошондой эле Кыргызстандын конституциялык системасына көңүл бурууга жана эл аралык аренада анын кадыр-баркын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул Кыргыз Республикасынын демократиялык принциптерди, укуктук мамлекетти чыңдоого жана жарандардын конституциялык укуктарын коргоого умтулуусун чагылдырат.

Конституциялык сот өз ишин өркүндөтүүнүн, конституциялык контролдоо жаатындагы алдыңкы ыкмаларды ишке киргизүүнүн жана чет мамлекеттердин сот органдарынын ортосунда бекем байланыштарды түзүүнүн үстүндө жигердүү иштөөнү улантууда.

## Конституциялык соттун судьяларынын жана аппаратынын кызматкерлеринин катышуусундагы эл аралык иш-чаралар

Конституциялык соттун судьялары М.Р. Бобукеева жана К. Дж. Кыдырбаев 2023-жылдын 11-майында Россия Федерациясынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган «Конституция жана конституциялык көзөмөл: доктринаны өнүктүрөбүз жана практиканы өркүндөтөбүз» деген темадагы эл аралык конференцияга катышты. Конференциянын темасы конституциялык тексттин эволюциясынын маанилүү маселелерин жана конституциялык контролдоонун ролун талкуулоого мүмкүндүк берди.

Иш-чара Санкт-Петербург шаарында XI Петербург эл аралык юридикалык форумунун алкагында өттү.



Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев 2023-жылдын 25-26-майында Самарканд шаарында (Өзбекстан Республикасы) өткөн «Борбордук Азия өлкөлөрүндө конституциялык даттануу институтунун

моделдеринин өнүгүү тенденциясы» темасындагы эл аралык конференцияга катышты.




Иш-чара Өзбекстан Республикасынын Конституциялык соту тарабынан Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясы (Венеция комиссиясы) менен биргеликте уюштурулган.

Конференция Борбордук Азиядагы конституциялык реформалардын маанилүү багыттарына, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо маселелеринде Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууга, Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө конституциялык даттануу институтунун иштешине тиешелүү темаларга арналды.

Иш-чаранын аягында катышуучулар Борбордук Азияда жана дүйнөдө конституциялык юстиция системасын өркүндөтүү максатында кызматташууну жана тажрыйба алмашууну мындан ары өнүктүрүүгө даяр экендиктерин билдиришти.

Конституциялык соттун судьялары Ч.А. Айдарбекова жана Л. Ч. Жолдошева 2023-жылдын 29-майынан 1-июнуна чейин Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын Изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча Туруктуу катчылыгынын (АКСА ИИК) 4-эл аралык симпозиумуна катышты. Иш-чара Түштүк Кореянын Сеул шаарында «Сот адилеттигине жеткиликтүүлүк: конституциялык перспективалар» темасында өттү. Симпозиумду АКСАнын ишмердүүлүгүнүн алкагында Изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча Туруктуу катчылыктын функциясын ишке ашырган Кореянын Конституциялык соту уюштурду.

Симпозиумдун ишине Азия ассоциациясынын мүчөлөрү, ошондой эле ар кайсы өлкөлөрдүн конституциялык юстиция органдарынын төрагалары жана судьялары катышты. Ч.А. Айдарбекова «Жарандардын сот адилеттигине жетүүсүн камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Конституциялык

сотунун салымы» деген темада баяндама жасап, анда аталган маселе боюнча Конституциялык соттун тажрыйбасын сунуштады. Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучулар сот адилеттигине түз жана кыйыр жетүүнүн ар кандай аспектилерин, иштерди сот тартибинде кароодо алгылыктуулук маселелери жана мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле институционалдык фильтрациялоо механизмдеринин иштешин жана укуктук коргоонун жеткиликтүү формаларын талкуулашты.




2023-жылдын 23-25-апрелинде София шаарында (Болгария Республикасы) өткөн Укук аркылуу демократия үчүн Европа Комиссиясынын (Венеция комиссиясы) конституциялык сот адилеттиги боюнча биргелешкен кеңешинин 20-юбилейлик кеңешмесине Эл аралык байланыштар жана мыйзамдарды салыштырма талдоо бөлүмүнүн башчысы К.Т. Масалбеков катышты.

Иш-чаранын күн тартиби Венеция комиссиясынын учурдагы ишмердүүлүгүнө тиешелүү бир катар маселелерди, конституциялык прецеденттик укук боюнча электрондук бюллетенди жана маалыматтар базасын камтыды. Бул кеңешменин алкагында «COVID-19 кризисине жооп катары мамлекеттер тарабынан кабыл алынган чаралар жана алардын конституциялык сот адилеттигине тийгизген таасири – өзгөчө кырдаалдар жөнүндө конституциялык сот практикасы» деген темада эл аралык конференция болуп өттү. Иш-чарага 37 өлкөдөн 60тан ашык өкүл катышты.



2023-жылдын 5-июнунда видеоконференцбайланыш режиминде Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын (АКСА) Башкы катчыларынын кеңешмеси болуп өттү. Кеңешмеге Конституциялык соттун аппаратынын жетекчиси М. Т. Джаманкулов жана эл аралык байланыштар жана мыйзамдарды салыштырма талдоо бөлүмүнүн башчысы К.Т. Масалбеков катышты. АКСАнын туруктуу иштеген катчылыктарынын отчеттору угулду, Ассоциациянын ишмердүүлүгүнүн маселелери боюнча пикир алмашылды, ошондой эле кеңешменин катышуучулары АКСАнын жаңы төрагасына Таиланд Королдугунун Конституциялык сотуна ыйгарым укуктарын өткөрүп берүүнү талкуулашты.



2023-жылдын 5-июнунда Монголиянын Улан-Батор шаарында Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын (АКСА) төрагалыгынын алкагында Монголиянын Конституциялык соту тарабынан уюштурулган «Конституциялык көзөмөлдүн

алкагында адам укуктарын коргоо» темасындагы эл аралык симпозиум болуп өттү. Иш-чара гибриддик режимде өттү (онлайн жана офлайн формат), анын алкагында видеоконференцбайланыш режиминде Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова «Конституциялык сот адилеттиги аркылуу адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана илгерилетүү» темасында баяндама жасады. Иш-чаранын соңунда АКСАнын ишмердүүлүгүнүн маселелери боюнча пикир алмашуу болуп, катышуучулар Ассоциациянын ишмердүүлүгүн активдештирүүнү бекемдөөгө кызмат кыла турган кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү жана тереңдетүү боюнча сунуштары менен бөлүштү.





2023-жылдын 4-июлунда Баку шаарында (Азербайжан Республикасы) Азербайжан Республикасынын Конституциялык сотунун 25 жылдыгына арналган «Конституциялык ченемдерди колдонуу аркылуу мыйзамдарды өнүктүрүү» темасындагы эл аралык конференцияга төрага Э.Ж. Осконбаев курамындагы Конституциялык соттун делегациясы катышты. Конференциянын аянтчасы Европа жана Азиянын 16 мамлекетинин конституциялык контролдоо органдарынын төрагаларын жана судьяларын, Парламенттин, Жогорку соттун, Акыйкатчынын жана башка мамлекеттик органдардын, ошондой эле Азербайжан Республикасынын илимий жана адвокаттык коомчулугунун өкүлдөрүн бириктирди.



Катышуучулар конституциялык даттанууну карoo тажрыйбасы жана методикасы менен алмашты, конституционализм, укуктун үстөмдүгү жана адам укуктарын коргоо идеяларын бекемдөө максатында өз өлкөлөрүнүн мыйзамдарындагы акыркы өзгөрүүлөр жөнүндө айтып беришти. Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев «Конституциялык контролдоо органынын соттук ишинин мыйзамдардын өнүгүшүнө тийгизген таасири» темасында баяндама жасады.

2023-жылдын 5-июлунда Азербайжан Республикасынын Конституциялык сотунун 25 жылдыгына арналган эл аралык конференциянын алкагында Түрк тилдүү өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдарынын конференциясынын биринчи кеңешмеси болуп өттү. Кеңешмеге Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия жана Өзбекстандын конституциялык сотторунун төрагалары катышты. TURK-AY мүчөлөрү соттук практикага жана өз ара соттук-укуктук кызматташтыкка байланыштуу укуктук маселелер боюнча пикир алмашты жана келечекте TURK-AY алкагында ушундай жумушчу жолугушууларды өткөрүүнүн натыйжалуулугун белгилешти.



2023-жылдын 7-8-сентябрында Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев жетектеген делегация Астана шаарында (Казакстан Республикасы) өткөн Казакстан Республикасынын Конституциясынын күнүнө арналган «Конституциялык сот адилеттиги: кадыр-барк, эркиндик жана адилеттүүлүк бардыгы үчүн» темасындагы эл аралык конференцияга катышты. Конференциянын жүрүшүндө Э.Ж. Осконбаев жарандардын сот адилеттигине жетүүсүн камсыз кылуу боюнча Кыргызстандын тажрыйбасы жана акыйкаттыкты коргоо жана камсыз кылуу боюнча бирдей мүмкүнчүлүктөр жөнүндө айтып берди жана Казакстан Республикасынын Конституциялык кеңешинин мурдагы төрагасы Кайрат Мамиге жана Казакстан Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Эльвира Азимовага «Кыргыз Республикасынын Конституциясына 30 жыл» юбилейлик медалдарын тапшырды.

Мындан тышкары, конференциянын экинчи күнүндө Түрк дүйнөсүнүн конституциялык юрисдикцияларынын конференциясынын үчүнчү отуруму болуп өттү. Ага Казакстан, Азербайжан, Кыргызстан, Түркия жана Өзбекстандын делегациялары катышты. Отурумда катышуучу өлкөлөрдүн түрк дүйнөсүндөгү конституциялык сот адилеттиги жаатындагы кооперацияны бекемдөөгө болгон бекем каалоосун тастыктаган өз ара түшүнүшүү жөнүндө төрт меморандумга кол коюлду.




Конституциялык соттун судьялары Л.Ч. Жолдошева жана Ж.А. Шаршеналиев 2023-жылдын 7-сентябрынан 23-сентябрына чейин Циндао жана Ханчжоу (Кытай Эл Республикасы) шаарларында өткөн ШКУга мүчө мамлекеттердин судьялары үчүн КЭРдин Коммерция министрлиги жана Шаньдун тышкы соода кесиптик колледжи тарабынан уюштурулган окуу семинарына катышты.




Окутуунун жүрүшүндө катышуучулар Кытайдын тарыхы, маданияты, «Бир алкак – бир жол» демилгесин ишке ашыруунун алкагында өткөрүлүп жаткан Циндан элдик сотунун динамикалуу соттук иш-чаралары, бул жаатта укуктук кызматташтыкты илгерилетүү боюнча сунуштары, КЭРдин укуктук жана сот системасы, эркин соода зонасындагы инновациялар жана мыйзамдын үстөмдүгүнүн практикасы, актуалдуу маселелер боюнча пикир алмашуу жана дискуссияларды өткөрүү менен КЭРдин соттук-укуктук чөйрөнү реформалоо боюнча тажрыйбасы менен таанышты. Ошондой эле Конституциялык соттун судьялары 19-20-сентябрда КЭРдин сот системасынын жогорку жетекчилигинин катышуусунда өткөн Кытай-ШКУ регионалдык сотторунун судьяларынын форумуна катышты.

2023-жылдын 18-21-сентябрында аппараттын кызматкерлери Ч. Шергазиев жана А. Токоева Анкара шаарында (Түркия Республикасы) өткөн Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын Окутуу жана адам ресурстарын өнүктүрүү борборунун 11-жайкы мектебине катышты. Мектеп «Адилеттүү соттук териштирүү укугунун кепилдиги катары сот бийлигинин көз карандысыздыгы» деген теманын астында өттү. Иш-чаранын алкагында Ч. Шергазиев «Акыйкат соттук териштирүү укугун камсыз кылуу контекстинде соттун көз карандысыздыгы жана калыстыгы» деген темада доклад жасады. Окутуу иш-чарасынын аягында катышуучулар жайкы мектеп форматындагы бул аянтча конституциялык контролдоо органдарынын ишинде пайда болгон укуктук маселелерди чечүүгө жана өнөктөштүк мамилелерди чыңдоого өбөлгө болоорун белгилешти.




Конституциялык соттун судьялары М.Ш. Касымалиев жана К. Дж. Кыдырбаев 2023-жылдын 16-17-ноябрында Минск шаарында өткөн «ЕАЭБнын укук тартибин түзүүгө Бирликтин сотунун практикасынын таасири» темасында Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун VI эл аралык конференциясына катышты. Конференциянын ачылышында ЕАЭБ Сотунун төрагасы Э.В. Айриян, Беларусь Республикасынын Президентинин Администрация башчысынын орун басары О. И. Чуприс, КМШнын Экономикалык сотунун төрагасы А. В. Плотников, ошондой эле жогорку сот органдарынын судьялары куттуктоо кайрылуулары менен чыгып сүйлөштү. Конституциялык соттун атынан куттуктоо сөзү менен судья К.Дж. Кыдырбаев чыгып сүйлөдү. Ал өз сөзүндө Бирликтин туруктуу иштеген юридикалык органы болуп түзүлгөндөн бери иштеп жаткан жана интеграциялык процесстерди илгерилетүүгө, жалпысынан өз уюмунун өнүгүшүнө жана эл аралык аренада анын кадыр-баркын жогорулатууга өзүнүн татыктуу салымын кошуп жаткан ЕАЭБ Сотунун өзгөчө ролун белгиледи.

Конференциянын алкагында Евразия экономикалык бирлигинин укугунун жана аны колдонуунун актуалдуу маселелери, ЕАЭБ тажрыйбасы жана анын ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринде аймактык укукту өркүндөтүүгө жана укук колдонууга тийгизген таасири, ЕАЭБ кабыл алган чечимдердин аткарылышы, ошондой эле эл аралык сот адилеттигинин маселелери каралды.




2023-жылдын 6-декабрында Өзбекстан Республикасынын Конституциялык сотунда «Өзбекстан Республикасынын жаңы редакциядагы Конституциясын ишке ашыруунун артыкчылыктуу багыттары жана актуалдуу маселелери» деген темада эл аралык илимий-практикалык конференция болуп өттү. Иш-чарага Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова онлайн форматта катышты.



## КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТТУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК БААЛУУЛУКТАРДЫ АЛГА ИЛГЕРИЛЕТҮҮСҮ

### Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган иш-чаралар

Кыргызстанда 2023-жылдын 5-майында биздин мамлекеттин негизин түзгөн, анын принциптерин жана баалуулуктарын аныктаган фундаменталдуу

документ – Конституциянын 30 жылдыгы белгиленди. Майрамдоо Т.Сатылганов атындагы филармонияда жаркын маанайда өткөрүлгөн салтанаттуу иш-чара менен башталды. Бул иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н.Жапаров баштаган жогорку даражалуу коноктор катышты. Маарекенин демилгечиси Конституциялык сот болду.



Президент өз сөзүндө элибизди майрамы менен куттуктап, Конституциянын тарыхый маанисин жана Кыргызстандагы демократиялык институттарды жана укуктук мамлекетти бекемдөөдө анын маанилүү ролун баса белгиледи. Ал ар бир кыргызстандыкты өзүнүн жарандык жоопкерчилигин билүүгө жана мамлекеттин жашоосуна активдүү катышууга чакырды.

Конституциянын 30 жылдыгын майрамдоо – өлкөбүздөгү конституциялык түзүлүштүн маанилүүлүгүн жана туруктуулугун баса белгилеген тарыхый жана символикалуу окуя болуп калды. Бишкекте гана эмес, Кыргызстандын бардык аймактарында өткөрүлгөн масштабдуу иш-чаралар биримдикти жана элибиздин конституциялык принциптерди коргоого жана сактоого жигердүү катышууга даярдыгын чагылдырды. Конституциялык соттун төрагасы Э.Осконбаев мындай деп белгиледи: «Өткөн 30 жыл ичинде биз укуктук система, соттук көз карандысыздык жана жарандардын укуктарын коргоо жаатында олуттуу прогресске жетише алдык. Бирок, алдыда деле көп иш бар. Биз өзүбүздүн конституциялык системабызды өркүндөтүүнү, коомдо укуктук маданиятты өнүктүрүүнү жана мамлекеттин бардык деңгээлдеринде конституциялык принциптердин аткарылышын камсыз кылууну

улантышыбыз керек. Конституциянын 30 жылдыгын белгилөө – бул сыймык жана кубаныч, ошондой эле өзүбүздүн конституциялык укуктарды жана милдеттерди кантип мындан да жакшы урматтап, коргой аларыбызды ойлонуу үчүн мүмкүнчүлүк».




Ушул эле күнү, 2023-жылдын 5-майында борборубузда Европа биримдигинин колдоосунда «Акыйкат Кареги – Сот адилеттиги секторуна мониторинг жүргүзүү боюнча жарандык коомдун улуттук тармагы» долбоорунун алкагында Конституциялык соттун демилгеси менен Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» КФ менен биргеликте даярдалган «Мен – жаранмын» интерактивдүү театралдык спектакль көрсөтүлдү. Анын сюжети боюнча «Акыйкат Кареги» тармагынын мүчөлөрү аярлуу жарандардын укуктарын коргоого мүмкүндүк берген жана өздөрүнүн юристтери тарабынан көтөрүлгөн иш боюнча чыгарылган Конституциялык соттун оң чечими жөнүндө кубанычтуу жаңылыгы менен бөлүшүштү. Көчөдө өткөн социалдык спектаклге волонтерлор, юристтер, адвокаттар, артисттер, бишкектиктер жана борбордун коноктору катышты. Алардын баары жашоону, адам укуктарын жана эркиндиктерин даңазалаган бирдиктүү аракет-аянтчасына катышты. Кыялбек Урманбетовдун сөзүнө жана Бакыт Алишеровдун музыкасына жазылган Конституциянын гимни биринчи жолу жаңырды.



Конституциялык соттун төрагасы Э. Осконбаев 2023-жылдын 11-майында депутаттардын, Конституциялык соттун судьяларынын, «легендарлуу парламенттин» депутаттарынын, мамлекеттик жана саясий ишмерлердин, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн, эксперттердин жана башка чакырылган адамдардын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйындар залында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чарада чыгып сүйлөдү.



Конституциялык соттун төрагасы өз сөзүндө Конституциялык соттун Кыргызстандын турмушундагы мааниси жана ролу жөнүндө айтып берди. Ал Конституциялык сот жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо, ошондой эле өлкөдөгү конституциялык тартиптин сакталышы үчүн жооптуу болгон Конституциянын жана мыйзамдын сакчысы экенин белгиледи. Ошондой эле Эмиль Осконбаев катышуучуларды Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгы менен куттуктап, өлкөдөгү конституциялык тартипти коргоо жана сактоо боюнча иштеп жаткандарга ыраазычылык билдирди.

Конституциялык сот 2023-жылдын 21-22-июнунда Чолпон-Ата шаарында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган «Конституция укуктук, демократиялык мамлекетти курууда негиз катары» деген темада эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрдү. Иш-чара Конституциялык сот тарабынан Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы менен биргеликте уюштурулду жана Армениянын, Грузиянын, Казакстандын, Таиланддын, Азербайжандын, Өзбекстандын, Бельгиянын, Түштүк Кореянын, Португалиянын, Индонезиянын, Молдованын, Румыниянын, Болгариянын, Түркиянын, Босниянын жана Герцеговинанын конституциялык контролдоо органдарынын жана ага теңештирилген институттарынын өкүлдөрүн, судьяларды, ошондой эле мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн жана юрист-окумуштууларды чогултту. Бул иш-чара

конституциялык сот адилеттиги, конституциялык тартипти коргоо жана сактоо жаатында тажрыйба жана идея алмашуу үчүн аянтча болуп калды.

Конференцияда талкууланган негизги темалардын бири конституциялык мурас жана укуктук жана демократиялык мамлекетти калыптандырууда конституциялык сот адилеттигинин ролу болду. Конференциянын катышуучулары конституциялык реформалардын себептерин жана аларды жүзөгө ашырууда конституциялык контролдоо органдарынын ролун талкуулашты. Укуктук жана демократиялык мамлекетти калыптандырууда прогрессивдүү кыймылды сактоо үчүн алынган сабактар талкууланды.



Конференциянын алкагында глабалдык өзгөрүүлөр доорунда конституциялык контролдоо органдары туш болуп жаткан чакырыктар жана перспективалар каралды. Катышуучулар санариптештирүү, аскердик чыр-чатактардын коркунучу жана башка актуалдуу чакырыктар контекстинде коомдук мамилелердин глобалдык трансформациялануусуна байланыштуу маселелерди талкуулашты. Алар азыркы дүйнөнүн өзгөрүлмө шарттарында конституциялык контролдоо органдарынын адаптациясы, ошондой эле конституциялык баалуулуктарды илгерилетүү үчүн коомдук бийликтин өкүлдөрү, соттор жана жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүү жаатындагы өз тажрыйбалары жана иштеп чыгуулары менен бөлүштү. Бул иш-чара Кыргызстанда гана эмес, бүткүл дүйнөдө укуктук жана демократиялык системаны бекемдөө үчүн маанилүү.

## Конституциялык соттун улуттук өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүсү

Конституциялык сот улуттук өнөктөштөр менен, оболу сот системасында Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши, судьялардын ар кандай ассоциациялары жана башка мамлекеттик органдар менен активдүү кызматташат.

Мындай өз ара аракеттенүүнүн алкагында Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев 2023-жылдын 19-сентябрында Чолпон-Ата

шаарында өткөн экологиялык сот адилеттигине жеткиликтүүлүк маселелери боюнча эл аралык конференциянын ишине катышты. Бул иш-чаранын демилгечилери БУУӨПтүн жана USAIDдин «Укук булагы» долбоорунун техникалык колдоосунда Жогорку сот жана «Кыргызстан судьяларынын ассоциациясы» коомдук бирикмеси болду. Конференцияга ар кайсы өлкөлөрдөн: Азербайжандан, Армениядан, Казакстандан, Молдовадан, Тажикстандан, Өзбекстандан сот системаларынын 100гө жакын өкүлдөрү, ошондой эле экология жаатындагы эксперттер, министрликтердин жана ведомстволордун, БУУӨП, БУУ ЕЭК, USAID сыяктуу эл аралык уюмдардын өкүлдөрү жана башкалар катышты

Конференциянын негизги максаты экологиялык укуктар жана сот адилеттиги жаатындагы саясатты ишке ашырууда сот системалары менен башка кызыкдар тараптардын ортосундагы аймактык кызматташтыкты бекемдөө болду. «Биздин урпактарга өзүбүздөн кийин эмне калтырабыз, ал бизден көз каранды. Экологиянын бүгүнкү аянычтуу абалы курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча радикалдуу чараларды көрүү зарылдыгы жөнүндө айгинелейт. Акыркы он жылдыктардын тажрыйбасы көрсөткөндөй, бул маселе курчап турган чөйрөнүн учурдагы көйгөйлөрүнө кыйла таасирдүү чара көрүүгө мүмкүндүк бере турган укуктук механизмдердин системасын түзүү жолу менен гана чечилиши мүмкүн» – деп белгиледи өз сөзүндө Э.Осконбаев.




Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев башында турган делегация 2023-жылдын 1-декабрында «Адамга багытталган мамилени илгерилетүү боюнча сот адилеттиги институттарынын секторлор аралык өз ара аракеттенүүсү» темасындагы «Аял-судьялардын кыргыз ассоциациясы» коомдук бирикмесинин Ар жылдык 9-конференциясына катышты. Куттуктоо сөзүндө Конституциялык соттун башчысы: «Конференциянын тематикасы жарандарыбыздын укуктарын коргоо жана сактоо боюнча милдеттерди мыкты чечүү үчүн сот адилеттиги институттарын биримдикке жана өз ара

аракеттенүүгө чакырат» – деп белгиледи. Конференциянын ишинин жүрүшүндө катышуучулар коомдун ишенимин жогорулатуунун жолу катары сот адилеттиги институттарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселелерин; өз ишмердүүлүгүндө гендердик багыттагы мамилени колдонууда сот адилеттиги институттарынын өз ара аракеттенүүсүн; кызматкерлердин квалификациясын биргелешип жогорулатуу ыкмаларын; гендердик зомбулукка каршы аракеттенүү боюнча чараларды, ошондой эле бир катар башка маселелерди караштты жана талкуулашты

Конференцияга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын судьялары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Башкы прокуратуранын, Акыйкатчы институтунун, Адвокатуранын, башка мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрү катышты. Конференцияга Өзбекстан, Казакстан жана ЕАЭБдин судьялары активдүү катышты. Ошондой эле онлайн режиминде АКШдан, Нигериядан жана Кытайдан судьялар кошулуп, иш-чараны көп улуттуу тажрыйба жана ар түрдүү көз караштар менен байытышты.




## Коомчулук менен өз ара аракеттенүү

### Конституциялык соттун судьяларынын жерине баруу менен өткөргөн лекциялары

Конституциялык сот Конституция күнүнө карата өткөрүлгөн иш-чаралардын алкагында Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Конституциялык соттун судьяларынын жана аппаратынын кызматкерлеринин катышуусунда салттуу болуп калган жерине баруу менен лекцияларды өткөрдү.

Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев Ала-Тоо эл аралык университетинде жерине баруу менен лекция өткөрдү. Лекциянын жүрүшүндө ал Конституциянын жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле мамлекеттик түзүлүштүн принциптерин аныктаган өлкөнүн негизги мыйзамы катары маанисин баса белгиледи. Ал Конституция бардык жарандар, мамлекеттик бийлик органдары жана коомдук институттар тарабынан сакталууга тийиш экендигине көңүл буруп, Конституциянын сакталышын камсыз кылууда жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоодо Конституциялык соттун ролу жөнүндө айтып берди. Ал белгилегендей, Конституциялык сот конституциялык юстициянын жогорку органы болуп саналат жана мыйзамдарды жана башка укуктук актылардын конституциялуулугун камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Юридикалык факультеттин студенттери Э.Ж. Осконбаевге суроо берип, Конституция жана анын коомдун турмушундагы ролу тууралуу маанилүү темаларды талкуулоого мүмкүнчүлүк алышты. Бардык катышуучулар мындай маанилүү жана билим берүүчү-агартуучу лекцияны өткөргөндүгү үчүн ыраазычылык билдиришти.

Конституциялык соттун судьялары Кыргызстандын ар кайсы университеттеринин бир катар юридикалык факультеттеринде болушуп, студенттер үчүн жерине баруу менен мейман лекцияларын өткөрүштү. Алар 2023-жылдын 25-апрелинен тартып 4-майына чейин барууларды уюштуруп, Б.Ельцин атындагы КРСУ, И.Арабаев атындагы КМУ, ОшМУ, КР ТИМдин Дипломатиялык академиясы, КР ИИМдин Академиясы, Ж. Баласагын атындагы КУУ, КРПБА сыяктуу окуу жайлары камтылды.



Конституциялык соттун судьялары менен түздөн-түз баарлашуу студенттерге конституциялык укуктун жана сот адилеттигинин негиздерин жакшы түшүнүүгө жардам берет, ошондой эле алардын критикалык ой жүгүртүүсүн жана юридикалык маселелерди талдоо жөндөмүн өнүктүрөт. Мындай иш-чаралар Кыргызстанда юридикалык кесиптердин аброюн көтөрүүгө, болочок юристтерди даярдоонун сапатын жогорулатууга жана коомдо укуктук маданиятты өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## Ачык эшиктер күнү



2023-жылдын 4-майында Кыргызстандын юридикалык факультеттеринин мыкты студенттери Конституциялык сотко чогулуп, конституциялык көзөмөл органынын ишмердүүлүгү менен таанышты.

Ачык эшиктер күнүндө студенттер Конституция жөнүндө, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын аракеттеринин мыйзамдуулугун жана конституциялуулугун камсыз кылууда Конституциялык соттун ролу жөнүндө көбүрөөк билишти. Ошондой эле алар судьялар менен жолугушуп, суроолорду берип, конституциялык талаш-тартыштар жана карама-каршылыктар кандайча чечилип жаткандыгы жөнүндө кеңири билүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

2023-жылдын 19-майында Бишкек шаарындагы Аалы Токомбаев атындагы №24 орто мектептин окуучулары Конституциялык сотко келип, анын судьялары менен жолугушту Конституциялык сот тарабынан уюштурулган иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналып, жаштарды юриспруденцияга тартууга багытталды.



Жаш катышуучулар зор кызыгуусун билдиришип, Конституциялык соттун ишине жана анын жарандардын күнүмдүк жашоо-турмушуна тийгизген таасирине байланыштуу ар кандай суроолорду беришти.



Судьялар менен жолугушуу аларга Кыргызстандын сот системасынын негизиндеги принциптер жана баалуулуктар жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүндүк берди. «Конституциялык сот бизге ушундай мүмкүнчүлүк бергенине кубанычтабыз. Бул сот адилеттүүлүгү дүйнөсүнө кызыктуу саякат болду. Биз судьяларга алардын ачыктыгы жана өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө даяр экендиги үчүн ыраазычылык

билдиребиз», — деп белгиледи экскурсиянын катышуучуларынын бири. Конституциялык сот тарабынан өткөрүлгөн мындай иш-чаралар жаштарды юриспруденцияга тартуу жана коомдогу укуктук маданиятты өнүктүрүү үчүн маанилүү. Алар мектеп окуучуларына жана студенттерге Конституциянын маанисин жана өлкөдө мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү калыптандыруудагы анын ролун аңдап-түшүнүүгө жардам берет. Конституциялык сотко баруулар жана судьялар менен жолугушуулар жаштардын укук илимдерине болгон кызыгуусун арттырып, өлкөбүздүн укуктук турмушуна активдүү катышкан жарандардын жаңы муунун түзүүгө өбөлгө түзөт.



## Конституционализм борборлору

Конституциялык соттун судьясы М. Р. Бобукеева 2023-жылдын 30-майында Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридикалык институтунун конституциялык жана административдик укук кафедрасынын алдындагы Конституционализм борборунун расмий ачылышына катышты. Бул иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган. Эки жогорку окуу жайда — Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде жана Ош мамлекеттик университетинде конституционализм борборлорун түзүү Конституциялык соттун демилгеси болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №112 токтому менен бекиген.



Борбордун ачылыш аземинин алкагында «Кыргыз Республикасында конституционализмдин өнүгүшү — демократиялык мамлекеттин негизи» темасына арналган Нурбек окуулары болуп өттү. Бул иш-чара Кыргызстандагы юридикалык илимдин жана конституциялык укуктун өнүгүшүнө зор салым кошкон юридика илимдеринин доктору жана профессор Кубаныч Нурбековдун урматына аталган.



Иш-чаранын жүрүшүндө Конституциялык сот Кыргыз Республикасында конституциялык укукту жана анын демократиялык принциптерди жана укуктук тартипти өнүктүрүүдөгү ролун изилдеген студенттер, окумуштуулар жана практик юристтер үчүн маанилүү ресурс болуп кала турган баалуу китептер жыйнагын өткөрүп берди. Конституционализм борборунун ачылышы жана Нурбек окууларын өткөрүү Кыргыз Республикасынын өзүнүн конституциялык укугун өнүктүрүүгө жана демократиялык баалуулуктарды бекемдөөгө умтулуусун чагылдырат. Бул демилгелер укук жаатында билим берүүнү өркүндөтүүгө жана татаал укуктук маселелерди чечүүгө жана өлкөдө мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга жөндөмдүү күчтүү юридикалык кесиптин калыптанышына көмөктөшөт.

Судья МР. Бобукеева өз сөзүндө жогорку окуу жайлардагы Конституционализм борборлору илимий изилдөөлөр, билим берүү программаларын өнүктүрүү жана Кыргызстанда конституциялык укук тартибин бекемдөөгө жана демократиялык принциптерди жайылтууга багытталган иш-чараларды өткөрүү үчүн маанилүү платформа болуп калат деген үмүтүн билдирди.

## *КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТТУН АППАРАТЫ*

Конституциялык соттун аппараты кадрдык, уюштуруучулук, илимий-талдоо, маалыматтык-маалымдама, материалдык-техникалык жана башка камсыз кылууну, конституциялык сот өндүрүшүнө байланышпаган маселелер боюнча жарандарды кабыл алууну жана алардын кайрылууларын кароону жүзөгө ашырат. Анын натыйжалуу ишин камсыз кылуу үчүн өлкө ичинде, ошондой эле чет өлкөдө өтүүчү ар кандай илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга, тегерек столдорго жана башка иш-чараларга катышуу жолу менен анын кызматкерлеринин сапаттуу иши, тажрыйба алмашуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу үчүн белгилүү бир шарттар түзүлөт.

Жылдардын өтүшү менен аппараттын кызматкерлеринин штаттык ырааттамасы өзгөрүп, 2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча – 34 мамлекеттик кызматчыны түздү. Конституциялык соттун аппаратына түздөн-түз жетекчиликти Конституциялык соттун төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана бошотулуучу аппарат жетекчиси жүзөгө ашырат. 2023-жылдын октябрынан тартып азыркы учурга чейин Конституциялык соттун аппаратынын жетекчиси К.Т. Масалбеков болуп саналат.

Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлери мамлекеттик кызматчылар болуп саналат, алар мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарга, ошондой эле эмгек жөнүндө мыйзамдарга ылайык Аппараттын жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат. 2023-жылдын декабрь айында аппараттын түзүмүн кайра уюштуруудан кийин анын жаңы түзүмү төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөрдү камтыды: Укуктук жана аналитикалык камсыздоо башкармалыгы, Персоналды башкаруу жана

документтештирүүнү камсыздоо бөлүмү, эл аралык байланыштар жана уюштурууну камсыздоо бөлүмү, каржы-чарба бөлүмү, ошондой эле маалыматтык технологиялар сектору жана басма сөз-катчысы.




## Конституциялык соттун аппаратынын потенциалын жогорулатуу

Конституциялык сот Конституциянын сакталышын жана жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга чакырылган, андыктан Конституциялык соттун аппаратынын натыйжалуу ишин камсыз кылуу максатында анын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн белгилүү шарттар түзүлөт. 2023-жылдын 30-мартында Конституциялык соттун имаратында «Конституциялык чечмелөөдө укуктук жүйөлөштүрүү жана өлчөмдөштүк» деген темада семинар болуп өттү. Аппараттын кызматкерлери эл аралык эксперт, GIZ регионалдык программасынын жетекчиси, Молдова Республикасынын Конституциялык сотунун экс-төрагасы  Александру Тэнасенин жана Конституциялык соттун судьясы Чынара Айдарбекованын эл аралык тажрыйбада сапаттуу соттук аргументтөөнүн мааниси, соттук аргументтөөнүн техникасы, Кыргызстандагы



укук ченемдерин чечмелөөнүн негизги ыкмалары, усулдары жана түрлөрү жөнүндө чыгып сүйлөгөн баяндамаларын угушту.



Онлайн-жолугушууга Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун басма сөз-катчысы Ж.Жороева катышты. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар ЖМК өкүлдөрүнүн отурумдарга катышуу тартиби, конституциялык соттордун судьяларынын маалыматтык-түшүндүрүү иштери, ошондой эле отурумдарды Интернет-ресурстарда трансляциялоого байланышкан маселелер боюнча практикалык тажрыйба жана пикир алмашышты. Жыйынтыгында катышуучулар тарабынан мындан аркы кызматташуу жана кызыктырган маселелер боюнча маалымат алмашуу боюнча макулдашууга жетишилди.

2023-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин имаратында сот системасынын кызматкерлери үчүн «Кесиптик иштин психологиясы. Коммуникативдик компетенциялар. Стресске туруштук берүү» темасында семинар өттү. Иш-чарага Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлери А. Таалайбеков жана У. Озумбеков катышты.



Бул семинардын максаты: кесиптик коммуникативдик көндүмдөрдү, баарлашуу боюнча өнөктөштүн жүрүм-турумун болжолдоонун өзгөчөлүктөрүн, угуунун типтерин жана ыкмаларын, баарлашуунун психологиялык мыйзамдарын жана ыкмаларын билүү, кесиптик ишмердүүлүккө терс таасирин тийгизүүчү стресстик абалдарды, стресс-факторлорду кароо, баарлашуу процессинде эмоционалдык абалды башкаруу, стресске туруктуулук жана стресстен арылуунун ыкмаларын окуп-үйрөнүү болду. Семинардын жыйынтыгы боюнча катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.

2023-жылдын 4-28-июлунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунда Конституциялык соттун аппаратынын аналитикалык камсыздоо башкармалыгынын кызматкерлери А.Арзыматова жана А. Токоева «Мамлекеттик сатып алууларды башкаруу» окутуу курсу боюнча окутуудан өтүштү. Курсту аяктагандан кийин материалды ийгиликтүү өздөштүрүп, тестирлөөдөн өткөн студенттер сертификат алышты.



Кыргыз Республикасынын Жогорку соту 2023-жылдын 26-октябрында Жогорку сотко караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби менен биргеликте Кыргызстандын сот системасынын ишинин ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун бекемдөө боюнча стратегияны аткаруунун алкагында «Сот системасынын басма сөз-катчыларынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу» темасына арналган семинар өткөрдү.





Семинарда заманбап коммуникациялык технологияларды натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле соттордун коомдогу ишмердүүлүгүн объективдүү кабылдоону калыптандыруу ыкмалары боюнча маселелер козголду. Эксперттер соттордун басма сөз-катчыларына маалымат чөйрөсүнүн динамикалуу өзгөрүлмөлүү шартында өз милдеттерин кыйла натыйжалуу аткарууга жардам бере турган негизги аспектилерди белгилешти. Семинар ачык-айкындуулукту жана коомдун Кыргызстандын сот системасына болгон ишенимин бекемдөөгө, ошондой эле коомчулук менен маалыматтык өз ара аракеттенүүгө жооптуу адистердин кесиптик өнүгүүсүн колдоого багытталган. Бул иш-чарага Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлери катышты.




2023-жылдын 29-апрелинде Конституциялык соттун аппаратынын кызматкерлеринин арасында стол тенниси боюнча мелдеш болуп өттү. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгын майрамдоонун алкагында өткөрүлдү.



2023-жылдын 26-августунда Жогорку сотто Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата сот системасынын судьялары жана кызматкерлери арасында шахмат боюнча турнир болуп өттү.


## Расмий сайт

Конституциялык соттун бардык иши анын расмий сайтында чагылдырылат. Анда анын бардык актылары, анын ичинде судьялар коллегияларынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктамалары жайгаштырылган. Сайттагы маалымат, анын ичинде алдыда боло сот отурумдары жөнүндө маалымат, конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин аткарылышынын серептери, фото жана видео-галерееялар туруктуу негизде https://constsot.kg/ru/. да жаңыланып турат.

Мындан тышкары, Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруунун өңүтүндө жаңы расмий сайтты түзүү жана ишке киргизүү боюнча жигердүү иш алып барууда. Алсак, Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №59 тескемеси менен  Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын веб-сайттарына талаптар бекитилген, алар заманбап, функционалдуу жана жеткиликтүү веб-мейкиндикти түзүү үчүн негиз болмокчу.  Конституциялык соттун жаңы расмий сайты бекитилген талаптарда каралган негизги милдеттерди эске алуу менен иштелип чыгат. Алардын ичинде: маалыматтык ачык-айкындуулукту камсыздоо, колдонуунун ыңгайлуулугу, тил жагынан колдоо жана маалыматтарды коргоо каражаттары.

## Конституциялык соттун Жарчысы

Конституциялык соттун Жарчысы Конституциялык соттун расмий басылмасы болуп саналат, анда бардык жыйынтыктоочу актылар жарыяланат.




Ал кабыл алынган чечимдер, корутундулар жана токтомдор жөнүндө коомчулукка маалымдоо максатында жыл сайын басып чыгарылат. Мындан

тышкары, анда укуктун актуалдуу маселелери боюнча соттордун, окумуштуу юристтердин илимий макалалары жарыяланат. 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун №1(12)/2022-жыл кезектеги чыгарылышы басып чыгарылды, анда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдагы чечимдери жарыяланган. Жарчы 2013-жылдан тартып маалыматтын көлөмүнө жараша жарым жылда же жылына бир жолку мезгилдүүлүк менен басып чыгарылат.

## Конституциялык соттун ишиндеги жаңылыктар (санариптештирүү, жаңы технологияларды киргизүү ж.б.)

Конституциялык сотто электрондук документ жүгүртүү системасы (ЭДС) ийгиликтүү иштеп жатат, ал аркылуу кайрылуулар менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, маалыматтын сапатын, толуктугун жана аныктыгын жакшыртууга, документтердин жоголушун болтурбоого өбөлгө болгон электрондук документтердин базасы жүргүзүлөт.

Ишке талдоо жүргүзүү үчүн Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылуулар боюнча статистикалык отчеттуулукту чыгарууда ЭДС кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Издөөчү тутумдун мүмкүнчүлүктөрү дээрлик бардык документтерди кыска мөөнөттө табууга мүмкүндүк берет. Жумушчу процесстерди автоматташтыруу жана мамлекеттик органдардын практикасына алдыңкы маалыматтык технологияларды киргизүү боюнча мамлекеттин саясатын ишке ашыруунун алкагында 2022-жылдан тартып Конституциялык сот электрондук документ жүгүртүүнүн автоматташтырылган «Инфодокс» системасына кошулду. Бул платформанын аркасында бүгүнкү күндө башка мамлекеттик органдар менен санариптик форматтагы документ жүгүртүү ишке ашырылууда, бул каттарды, башка кагаз түрүндөгү корреспонденцияларды жөнөтүү жана жеткирүү мөөнөттөрүн кыскартууга, аткаруу тартибин жакшыртууга жана документтерди иштетүүнү стандартташтырууга мүмкүндүк берди. Ошондой эле Конституциялык соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын, Адам укуктары боюнча Европа сотунун укуктук позицияларын, аналитикалык, ошондой эле маалыматтык-маалымдама материалдарын камтыган Конституциялык соттун маалыматтык порталы ийгиликтүү иштеп жатат. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун укуктук позицияларынын базасы эми «ТОКТОМ» маалыматтык-укуктук системасында да жайгаштырылгандыгын белгилей кетүү керек.

Конституциялык соттун иши жөнүндө маалыматты расмий сайтка жайгаштыруудан тышкары, басма сөз-кызматы тарабынан Конституциялык соттун ишин социалдык тармактарда чагылдыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.